КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫНЫН 2019-ЖЫЛДАГЫ ИШИ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ

БИШКЕК – 2020

Ушул отчёт “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 101-беренесине жана “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 61-беренесине ылайык берилет жана 2019-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын ишин чагылдырат.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2019-жылдагы иши жөнүндө отчёт “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңеши тарабынан бекитилген.

Отчёттун мазмуну жана аны жайылтуу менен байланышкан маселелер боюнча, 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Исанов көчөсү, 131, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы дареги боюнча кайрылса болот. Телефон: +996 (312) 32 34 30, факс: +996 (312) 32 38 86,
электрондук почта : esep@esep.kg,
веб-сайт: www.esep.kg

**2020-ж., Бишкек ш.**



**Урматтуу окурмандар!**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2019-жылдагы иши, мамлекеттик аудиттин көз карандысыз жогорку органы катары, мамлекеттик каражаттардын натыйжалуу чыгымдалышын тескөөгө, мамлекеттик бийлик органдары тарабынан өзүнүн ишинин объективдүүлүгүн жана финансылык тартибинин сакталышын жогорулатууга жардам берүүгө багытталган.

Эсептөө палатасы Кыргыз Республикасынын Президентине жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине отчет берүүчү, мамлекеттик орган катары, отчеттук жылы өзүнүн иш планында алардын сунуштарын эске алуу жана тиешелүү маалыматтарды өз учурунда берүү менен, бул институттар менен тыгыз кызматташты. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен активдүү байланышта болуп, мамлекеттик бюджеттин каражаттарын рационалдуу пайдалануу, бюджеттик укуктук мамилелерди жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды жакшыртуу жана коррупцияга каршы саясатты ишке ашырууда маанилүү маселелер көтөрүлгөн.

2018-жылы кол коюлган, укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенишүү жөнүндө макулдашуунун негизинде, алар менен өз ара аракеттенишүү жүрдү. Укук коргоо органдарынын кайрылуулары боюнча аудиттер дайындалды жана жүргүзүлдү. Эсептөө палатасынын демилгеси менен, жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары, мыйзам чегинде кароо үчүн, укук коргоо органдарына жөнөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2019-жылдын 11-январындагы ПЖ №1 “2019-жылды Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы деп жарыялоо жөнүндө” Жарлыгына ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 15-февралындагы №20-б буйругу менен бекитилген, "Санарип Кыргызстан 2019-2023" санариптик трансформациялоо концепциясын ишке ашыруу боюнча “Жол картасынын” милдеттерин аткаруу жана Эсептөө палатасында маалыматтык технологияларды өнүктүрүү максатында, 2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын маалыматтык-коммуникациялык технологиясын өнүктүрүү Стратегиясы кабыл алынган.

Сиздерге берилип жаткан отчет, жүргүзүлгөн аудитордук иш-чаралар, кадр саясаты, эл аралык мамилелерди өнүктүрүү, аудиттин эл аралык стандарттарын жана мыкты аудит тажрыйбаларын интеграциялоо, жана башка жыйынтыктары жөнүндө маалыматтарды камтыйт.

***Урматтоо менен,***
***Эсептөө палатасынын төрагасы***
***Улукбек Марипов***

**МАЗМУНУ**

**Киришүү**.....5
**1. 2016-2020-жылдар мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планын ишке ашыруу**.....6
**2. Эсептөө палатасынын ишинин негизги көрсөткүчтөрү**.....7
2.1. Аудитордук иштин жыйынтыктары.....7
2.2. Аудит объектилери тарабынан жазма буйруктардын жана сунуштардын аткарылышы.....18
2.3. Бюджеттик мыйзамды жакшыртуу боюнча сунуштар жана сунуштамалар .. 20
**3. Отчеттук жылга карата республикалык бюджеттин, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттердин негизги аспекттери**.....22
3.1. Кыргыз Республикасынын 2018-жылга республикалык бюджетинин аткарылышы.....23
3.2. Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2018-жылга бюджетинин аткарылышы.....25
3.3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2018-жылга бюджетинин аткарылышы.....27
**4. Эксперттик-аналитикалык жана контролдук иш чаралардын жыйынтыктары**.....29
4.1. Евразиялык экономикалык биримдик (ЕАЭБ) мүчө мамлекеттеринин финансылык контролдоонун жогорку органдары тарабынан өткөрүлгөн, биргелешкен контролдук иш-чаралар.....29
4.2. Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттери жөнүндө мыйзам долбоорлоруна, ошондой эле аларга киргизилген өзгөртүүлөргө карата корутундулар.....32
4.3. Кыргыз Республикасында ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлор бөлүгүндөгү эл аралык келишимдерди жана макулдашууларды ратификациялоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзам долбоорлоруна карата корутундулар.....39
**5. Өз ара аракеттенишүү жана кызматташуу**.....40
5.1. Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, мамлекеттик органдар жана башка уюмдар менен өз ара аракеттенишүү.....40
5.2. Укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенишүү.....41
5.3. Эл аралык кызматташуу.....42
5.4. Коомчулук менен байланышуу.....45
5.5. Жарандардын кайрылуулары менен иштөө.....46
**6. Коррупцияга каршы иш-чаралар**.....47
**7. Эсептөө палатасынын ишин уюштурууну камсыздоо**.....48
7.1. Методологиялык камсыздоо.....48
7.2. Кадрдык камсыздоо.....50
7.3. Эсептөө палатасынын ишин автоматташтыруу.....54
7.4. Каржы-чарбалык камсыздоо.....55
**Корутунду**.....56

## Киришүү

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2019-жылдагы иши жөнүндө ушул отчёт, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин токтому[1] менен бекитилген, Отчётторду түзүү боюнча колдонмонун жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын (мындан ары – Эсептөө палатасы) төрагасынын буйругу[2] менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иши жөнүндө отчётту түзүү тартиби жөнүндө нускаманын талаптарына ылайык даярдалды.

Отчет Эсептөө палатасынын түзүмдүк бөлүмдөрү жана аймактык бөлүнүштөрү тарабынан даярдалган маалыматтар жана аудитордук иштин жыйынтыктары боюнча статистикалык маалыматтарга негизделген.

Бул отчётто ага жүктөлгөн функцияларды аткаруу боюнча Эсептөө палатасынын иши чагылдырылган, 2019-жылы жүргүзүлгөн, Эсептөө палатасынын Кеңешинде жана Эсептөө палатасынын аймактык бөлүнүштөрүнүн отурумдарынын чечимдери менен бекитилген аудит жыйынтыктары берилди.

Отчёт ошондой эле, ушул мезгил аралыгында жүргүзүлгөн аудитордук иш-чарлардын сапатын андан ары жакшыртууга багытталган уюштуруу иш-чаралары, өз ишмердүүлүгүнүн максималдуу ачыктыгын камсыз кылуу, коррупцияга каршы жүргүзүлгөн иш чаралар, ички жол-жоболорду санариптештирүү менен катары, ошондой эле маалыматтарды тышкы пайдалануучулар менен жүргүзүлгөн аналитикалык изилдөөлөрдү, жаңы методологиялык иштеп чыгууларды, аудиттин эл аралык стандарттарына өтүү бөлүгүндө жүргүзүлгөн реформаларды улантуу, кадр мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу иши, эл аралык иш-аракеттерди уюштуруу жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын иштешинин бир катар жана башка аспекттери жөнүндө маалыматтарды камтыйт.

Ошондой эле, отчётто Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, мамлекеттик жана укук коргоо органдары  менен Эсептөө палатасынын өз ара аракеттенишүүсү жөнүндө маалыматтар берилген.

[1] 2010-жылдын 6-сентябрындагы №01-3/32
[2] 2008-жылдын 21-майындагы №1-12/95

## 1. 2016-2020-жылдар мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планын ишке ашыруу

2019-жылы, өткөн жылдагыдай эле, Эсептөө палатасы мамлекеттик аудиттин тутумун жакшыртууну, аудиттин эл аралык стандарттарын жайылтууну, адам ресурстарын башкаруунун натыйжалуу тутумун аныктоону жана өнүктүрүүнү, тышкы коммуникацияларды чыңдоону камтуу менен, 2016-2020-жылдар мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планы менен белгиленген максаттарга жетүү боюнча өзүнүн ишин улантты.

Мамлекеттик аудиттин тутумун жакшыртуу максатында, төмөндөгүлөргө өзгөчө көңүл бурулду:

- тобокелдикке багытталган мамиленин негизинде, аудитордук ишти пландоо процессин оптималдаштыруу;
- аудиттин эл аралык стандарттарынын негизинде финансылык аудитти, шайкештик аудитин, натыйжалуулук аудитин жана айрым тематикалык аудиттерди жүргүзүү методологиясын практикалык колдонуу;
- аудитордук процесстерди автоматташтыруу;
- аудитордук отчётторду даярдоо сапатын жогорулатуу;
- кызматкерлерди окутуу.

Адам ресурстарын башкаруунун натыйжалуу тутумун орнотуу жана өнүктүрүү бөлүгүндө төмөндөгүлөргө өзгөчө көңүл бурулду:

- милдеттерин жана функцияларын аткаруу, жүргүзүлгөн аудиттердин, аудитордук отчёттордун жана берилген сунуштардын сапаты боюнча Эсептөө палатасынын мамлекеттик кызматчыларынын ишин жыл сайын баалоону жүргүзүү жана жайылтуу;
- кадрлардын ички резервдерин түзүү;
- адам ресурстарын башкаруу тутумунун процессин автоматташтыруу.

Эсептөө палатасы чет элдик коллегалары, донор уюмдар менен байланышты дайыма өнүктүрүп келет жана кеңейтүүдө, ошондой эле ички коммуникацияга көңүл бурат.

Отчеттук жылы жүргүзүлгөн маанилүү иш-чараларга, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Регламентинин жаңы редакциясынын иштелип чыгуусун киргизсе болот, учурда ал, аяктоо баскычында турат. Ошондой эле, Эсептөө палатасынын ченемдик документтерин тутумдуу инвентаризациялоо башталды.

Эсептөө палатасынын төрагасынын тапшырмасы менен түзүлгөн, Эсептөө палатасынын ишин функционалдык талдоо боюнча жумушчу тобу көрүнүктүү иштерди жүргүздү. Бул жумушчу тобунун ишинин жыйынтыктары боюнча, Эсептөө палатасынын жетекчилигине Эсептөө палатасынын ишин жакшыртуу бөлүгүндө бир катар сунуштамалар сунушталган, алардын жыйынтыктары боюнча, жүргүзүлгөн аудиттердин сапатын контролдоо боюнча тиешелүү ченемдик документтер кабыл алынган, ошондой эле, ушул жылдын башында жетекчилик

тарабынан Эсептөө палатасынын уюштуруу түзүмүнө тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилген.

Шанхай Кызматташтык Уюмунун (ШКУ) мүчө мамлекеттериндеги аудиттин жогорку органдары (АЖО) менен кызматташуу алкагында, Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинде "Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга протездик-ортопедиялык кызматтарды көрсөтүүнү натыйжалуулугу жана Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды реабилитациялоо борборунда аларды реабилитациялоо" темасы боюнча бирдей натыйжалуулук аудити жүргүзүлгөн.

Маалыматтык технологияларды өнүктүрүү максатында, 2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын маалыматтык-коммуникациялык технологиясын өнүктүрүү стратегиясы кабыл алынган.

"Түндүк" ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү тутумуна кошулуу иш жүзүнө ашырылган, бул тутум боюнча маалыматтарды алмашууну даярдоо боюнча иштер жүрүп жатат.

Отчеттук жылы, 2019-жылга ЕАЭБ органдарында тышкы аудиттин аудитордук иш-чаралар программасына ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жетекчилиги астында, ЕАЭБ мүчө өлкөлөрүнүн финансылык контролдоонун жогорку органдары (ФКЖО) менен биргелешип, ЕАЭБ органдарына тышкы аудит жүргүзүлгөн.

Мындан сырткары, Европалык Биримдиктин долбоорлорунун консультанттарынын колдоосу менен, финансылык бузуулардын жаңы классификатору иштелип чыккан жана автоматташтырылган. Учурда бул классификатор тесттик режимде байкоодон өтүүдө.

Кадр саясаты 2016-2020-жылдарга бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын адам рестурстарын башкаруу стратегиясына ылайык ишке ашырылууда, ага ылайык, кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу туруктуу негизде жүрүүдө, ишке кабыл алуу, улуттук жана ички резервдерде турган талапкерлердин ичинен, конкурстук негизде ишке ашырылат.

## 2. Эсептөө палатасынын ишинин негизги көрсөткүчтөрү

### 2.1. Аудитордук иштин жыйынтыктары

2019-жылга бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планына ылайык, пландалган **141 аудитордук иш-чаралардын** ичинен Эсептөө палатасы тарабынан **137 аудитордук иш-чаралар** жүргүзүлгөн (4 аудитордук иш-чара аяктоо баскычында турат), алардын жүрүшүндө аудит объектилеринин 2 293 түзүмдүк жана ведомстволук бөлүмдөрү камтылган, анын ичинен: бюджеттик мекемелер - 1 558, чарба жүргүзүүчү субъектилер – 386, жергиликтүү бюджеттен каржыланган мекемелер жана уюмдар – 339 жана башка уюмдар – 10. 2018-жылга салыштырмалуу, отчеттук жылда, аудитордук иш-чаралардын саны 63 иш-чарага кыскарды.

Мындан сырткары, **укук коргоо органдарынан** аудит жүргүзүү боюнча **170 токтомдор жана суроо-талаптар** келип түшкөн, анын ичинен: 74 – кабыл алынган, 91 – баш тартылган, 5 – кароодо.

***1-таблица. 2019-жылы аудитордук иштин жалпы жыйынтыгы*** *(млн.сомдо)*

| Бузуулардын түрү | Аныкталган | Калыбына келтирилүүгө тийиш | Калыбына келтирилди |
|---|---|---|---|
| Каржы бузуулар | 2 523,9 | 1 079,6 | 415,3 |
| Бюджеттин резервдери жана жоготуулары | 27 715,5 | 1 044,9 | 661,8 |
| Каражаттарды рационалдуу эмес пайдалануу | 2 007,9 | 959,2 | 863,1 |
| Коомдук жана башка уюмдарда аныкталган каржы бузуулар | 544,2 | 485,9 | 485,9 |

Аныкталган каржы бузуулардын жалпы суммасынан бардыгы болуп **3 569,6 млн.сом калыбына келтирилүүгө тийиш болсо,** анын ичинен **2 426,1 млн.сом калыбына келтирилген.** Калыбына келтирүү **68 пайызды** түзгөн.

*Эсептөө палатасы тарабынан бюджеттин резервдери жана жоготуулары, ошондой эле рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар боюнча көрсөткүчтөр катары бузуулардын классификаторуна киргизилгендигин, көпчүлүк учурда, натыйжалуулук аудитинин жыйынтыктарынын элементтери катары калыбына келтирилүүгө жатпай тургандыгын белгилей кетүү керек.*


## Каржы бузуулары

*Каржы бузуулары катары, бюджеттик, фискалдык мыйзамдарды, суммалары тиешелүү бюджетке кайтарылууга тийиш болгон, бухгалтердик эсепти жүргүзүүнү жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларды бузуу эсептелет.*


2019-жылы жүргүзүлгөн аудиттердин жүрүшүндө аныкталган **каржы бузууларынын** жалпы суммасы **2 523,9 млн.сомду** түзгөн жана мурунку жылдын көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу, 202,0 млн.сомго же 8 пайызга көбөйгөн. Бул негизинен, ***"Эмгек акыларды негизсиз төлөө"*** түрү боюнча көбөйүүсү менен байланыштуу, алардын суммасы өткөн жылга салышытырмалуу 901,6 млн.сомго көбөйгөн. Ал эми, *"Дебитордук жана ашырылган насыялык карыздарды эсептөө боюнча жашыруулар"* түрү боюнча *841,4 млн.сомго азаюу жүргөн.*

Аныкталган каржы бузууларынын жалпы суммасынан **1 079,6 млн.сом** калыбына келтирилүүгө тийиш болсо**,** анын ичинен **415,3 млн.сом** калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү **38 пайызды түзгөн.**

***1-диаграмма. Каржы бузуулары боюнча жалпы жыйынтык*** *(млн.сомдо)*



***2-диаграмма. Аудит объектилери боюнча каржы бузуулар** (млн.сомдо)*




***Аныкталган каржы бузууларынын түзүмү***

***2-таблица. Каржы бузууларынын түрлөрү боюнча** (млн.сомдо)*

| Көрсөткүч | Суммасы | %да |
|---|---|---|
| - Эмгек акыларды негизсиз төлөөлөр | 1 224,2 | 48,50% |
| -Дебитордук жана ашырылган насыялык карыздарды эсептөө боюнча жашыруулар | 499,6 | 19,79% |
| - Курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүн ашыруу | 381,3 | 15,11% |
| - Бюджеттин башка деңгээлинде турган уюмдарга республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден бөлүнгөн каражаттар | 191,1 | 7,57% |
| - Бюджетке чегерилүүгө тийиш болгон ижара акысы | 62,9 | 2,49% |
| - Салык жана бажы мыйзамдарын бузуу | 62,4 | 2,47% |
| -Материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу | 46,5 | 1,84% |
| -Материалдык баалуулуктардын жана акча каражаттардын кем чыгуулары | 17,9 | 0,71% |
| - Бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу | 16,7 | 0,66% |
| - Казыналыктын тутумунан кыйгап өтүү менен пайдаланылган каражаттар | 14,9 | 0,59% |
| - Социалдык фондго кошумча кошуп эсептелген кирешелер | 4,7 | 0,19% |
| - Атайын каражаттарды максатсыз пайдалануу | 1,6 | 0,06% |
| - Мамлекеттик насыяларды максатсыз пайдалануу | 0,1 | 0,00% |
| **Бардыгы** | **2 523,9** | **100** |

Таблицадан көрүнүп тургандай, каржы бузууларынын жалпы суммасында 50гө жакын пайызды, ***“Эмгек акыларды негизсиз төлөөлөр”*** бузуулар түрү боюнча 1 224,5 млн.сом суммасы ээлеген, бул болсо, эмгек акыны эсептөө жана төлөө эсебин жүргүзүүдө ченемдик актылардын сакталышына көзөмөлдөө жетишсиз деңгээлде жүргүзүлгөндүгүн күбөлөндүрөт.

Талдоо көрсөткөндөй, бул бузуу жол-жоболорду бузуулар мүнөзүнө көбүрөөк ээ, б.а. мыйзамдар жана тиешелүү ченемдик документтер менен каралбаган ар түрдүү төлөмдөрдүн жана чыгымдардын суммасы, ошондой эле, алар боюнча ашыкча төлөмдөр, анын ичинен, мыйзамсыз кошуп төлөөлөрдү жана үстөк акыларды белгилөө, штаттык жүгүртмө жана эмгекке төлөө боюнча тиешелүү жоболор менен бекитилген коюмдарды жана кызматтык акыларды ашыруу менен байланыштуу.

Негизинен, мындай бузуулар Бишкек шаарынын мэриясына жана анын 4 административдик райондорунда жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча аныкталган, ал жерде жалпы сумма 912,9 млн.сомду (мэрияда – 446,6 млн.сом жана анын 4 районунда – 466,3 млн.сом) түзгөн, бул болсо, жогоруда көрсөтүлгөн аныкталган суммадан 75 пайызга жакын түзөт. Аталган мэрияда олуттуу каржы бузуулардын аныкталышы, ал жерде аудит акыркы эки отчеттук жылдарга карата жүргүзүлгөндүгү менен түшүндүрүлөт.

Бишкек шаарынын мэриясына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча материалдар, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына тиешелүү түрдө кароо жана чараларды көрүү үчүн, укук коргоо органдарына берилген.

*Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 160-беренесине ылайык, иш берүүчү кызматкерге ашыкча төлөгөн, анын ичинде мыйзамды туура эмес колдонуудан ашыкча төлөнгөн эмгек акы туура эмес эсептелгенден башка учурларда андан кармалып калышы мүмкүн эместигин, белгилей кетүү керек.*

Аудит тарабынан аныкталган ***“Дебитордук жана ашырылган насыялык карыздарды эсептөө боюнча жашыруулар”*** 499,6 млн.сомду, же аныкталган бузуулардын жалпы суммасынан 20 пайызга жакын түзгөн.

Бул бузуу, жол-жоболорду бузуулар мүнөзүнө ээ, б.а. бухгалтердик эсепти толук кандуу эмес жүргүзүү, бирок, айрым учурларда уурдоонун мүмкүн болуучу тобокелдиктеринин байкалышы жана билиниши мүмкүн. Негизинен, бул бузуулар бухгалтердик жазууларды (эсеп боюнча) түзөтүүнү ишке ашыруу менен чектетилет. Эреже катары, көпчүлүк учурларда, бул бузуулар аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилет. Мисалы, бул бухгалтердик эсепте көрсөтүлбөгөн дебитордук карыздын, же ал боюнча жетиштүү негиздемеси жок жактар алдындагы насыялык карыздын суммасы болушу мүмкүн.

Мындай түрдөгү бузуулардын 85 пайызга жакыны же 424,1 млн.сом, “Электр станциялары” ААКсынын ишине жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча аныкталган.

Көпчүлүк учурда, аныкталган бузуулар болуп, ***“Курулуш-куроо иштеринин көлөмүн ашыруу”*** эсептелет, отчеттук жылы аныкталган бузуулардын жалпы суммасынан анын үлүшү 15 пайызды (381,3 млн.сом) түзгөн.

Бул негизинен, капиталдык курулуштар жана капиталдык ондоо боюнча иштердин көлөмүн ашыруу (иштин көлөмүн, бааларын жана иштин наркын ашыруу эсебинен).

Алсак, бузуулардын бул түрү боюнча олуттуу суммалар, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жол министрлигине жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча 147,6 млн.сом аныкталган, же жогоруда көрсөтүлгөн аныкталган суммадан 39 пайыз, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында – 138,6 млн.сом, же 36 пайыз (анын ичинен: Бишкек шаарынын мэриясында 104,9 млн.сом аныкталган) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинде – 51,7 млн.сом (14%).


## Бюджеттин резервдери жана жоготуулары

*Бюджеттин резервдери болуп, тийиштүү иш-чаралардын жүргүзүүнүн натыйжасында мамлекеттик бюджетти толуктоочу кошумча каражат булактары саналат.*
*Бюджеттин жоготуулары болуп, тийиштүү иш-чаралардын өз учурунда жүргүзүлбөгөндүгүнүн натыйжасында жана ишке ашпай калган мүмкүнчүлүктөрдүн айынан, орточо эсеп менен, мамлекеттик бюджетке түшпөй калган каражаттардын суммасы саналат.*


2019-жылы Эсептөө палатасы тарабынан аныкталган **бюджеттин резервдери жана жоготуулары 27 715,5 млн.сомду** түзгөн. 2018-жылга караганда бул көрсөткүч 14 478,9 млн.сомго же эки эсе көбөйгөн. Негизинен көбөйүү, ***"Бюджеттин башка резервдери жана жоготуулары"*** түрү боюнча 18 281,7 млн.сомго аныкталган бузуулардын эсебинен жүргөн. Мында, "*Салык, бажы жана башка төлөмдөр боюнча бюджеттин жоготуулары*" түрү боюнча бузуулар 3 984,0 млн.сомго азайган.

Бюджеттин резервдеринин жана жоготууларынын аныкталган жалпы суммасынан **1 044,9 млн.сом** калыбына келтирилүүгө тийиш. Отчеттук жыл ичинде **661,8 млн.сом** калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү **63 пайызды** түзгөн.

***3-диаграмма. Бюджеттин резервдери жана жоготуулары*** *(млн.сомдо)*



***4-диаграмма. Аудит объектилери боюнча бюджеттин резервдери жана жоготуулары*** *(млн.сомдо)*




***Аныкталган бюджеттин резервдеринин жана жоготууларынын түзүмү***

***3-таблица. Бюджеттин резервдеринин жана жоготууларынын түрү боюнча*** *(млн.сомдо)*

| Көрсөткүч | Сумма | %да |
|---|---|---|
| - Бюджеттик мекемелерди ашыкча каржылоо | 55,6 | 0,20% |
| - Салык, бажы, жана башка төлөмдөр жана бюджеттин чыгымдар бөлүгү боюнча бюджеттин жоготуулары | 130,0 | 0,47% |
| - Тарифтерди жана бааларды жогорулатуу | 184,3 | 0,66% |
| -Товардык-материалдык баалуулуктардын (ТМБ) ченемден ашык чыгымдалышы | 257,7 | 0,93% |
| - Эмгек акыларды төлөөдөгү бузуулар | 310,7 | 1,12% |
| - Бюджеттин башка резервдери жана жоготуулары | 26 777,2 | 96,61% |
| **Бардыгы** | **27 715,5** | **100%** |

Таблицада көрүнүп тургандай, аныкталган бюджеттин резервдеринин жана жоготууларынын абдан көп үлүшүн ***“Бюджеттин башка резервдери жана жоготуулары”*** (97%) түзөт жана бузуулардын башка категорияларында көрсөтүлбөгөн, резервдер менен жоготуулардын суммалары көрсөтүлгөн.

Алсак, 26 777,2 млн.сом бюджеттин резервдеринин жана жоготууларынын ичинен, 21 503,9 млн.сом (80%) суммасындагы олуттуу үлүштү, 2018-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча аныкталган резервдер жана жоготуулар ээлейт.

*Бул бузуулар жөнүндө толук маалымат, ушул отчеттун <u>“3.1. Кыргыз Республикасынын 2018-жылга республикалык бюджетинин аткарылышы”</u> бөлүмүндө берилген.*

Мындан сырткары, бюджеттин абдан маанилүү резервдери жана жоготуулары, төмөндөгү мамлекеттик органдарга жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталган: Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунда – 2 191,8 млн.сом (8%), Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жол министрлигинде – 1 357,4 млн.сом (5%), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинде - 535,0 млн.сом (2%), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматында - 338,5 млн.сом (1%) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматында – 101,9 (0,4%).

Экинчи орунда 310,7 млн.сомду же аныкталган бюджеттин резервдеринин жана жоготууларынын жалпы суммасынан 1,1 пайызды түзүү менен, ***“Эмгек акыларды төлөөдөгү бузуулар”*** көрсөткүчү турат. Негизинен бул категорияга, штаттык жүгүртмө жана штаттык ченемдер менен каралган сан сакталбагандыктан улам жүргүзүлгөн мыйзамсыз төлөмдөрдүн суммалары, аткарылган иштердин (кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмдөрүн кошуп жазуулар, сыйлоо жөнүндөгү колдонуудагы жобону бузуу менен, сый акыларды жана башка сыйлоолорду төлөө жана ашык төлөөлөр жана башкалар кирет. Мындай бузуулар төмөндөгүлөргө жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталган: Бишкек шаарынын мэриясында – 115,7 млн.сом, же бузуулардын бул түрү боюнча аныкталган суммадан 37 пайыз, 2018-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы – 75,2 млн.сом (24%), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Ветеринария жана фитосанитардык коопсуздук мамлекеттик инспекциясында - 38,4 млн.сом (12%) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык мамлекеттик агенттигинде – 27,5 млн.сом (9%) жана Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинде – 10,0 млн.сом (3%).

Көлөмү боюнча аныкталган кийинки бузуулар болуп, ***“Товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык чыгымдары”*** эсептелет, бул болсо, 257,7 млн.сомду же аныкталган бюджеттин резервдеринин жана жоготууларынын жалпы суммасынан 1 пайызга жакын түзөт.

Бузуулардын бул категориясын, чийки заттарды, материалдарды, тамак-аш продуктыларын, медикаменттерди, автомобилдик транспорт үчүн отунду жана күйүүчү-майлоочу материалдарды ченемден ашык эсептен чыгаруу, факты жүзүндөгү чыгымдарга каршы ашырылган көлөмдө аларды эсептен чыгаруу, белгиленген лимиттерден ашык отун, электр энергиясы жана коммуналдык кызматтар боюнча чыгымдар суммалары түзөт.

Алсак, бузуулардын бул түрү боюнча олуттуу суммалар, 2018-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча - 143,1 млн.сом (56%), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматында – 43,3 млн.сом (17%) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунда – 14,7 млн.сом (6%) аныкталган.

## Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар


*Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын категориясына, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө каржы бузууларынын, каржылоодо эсепке алынбаган, жыл аягында бюджеттик мекемелердин кассаларындагы накталай акча каражаттарынын калдыктарынын, товардык-материалдык баалуулуктардын чегерилбеген ченемден ашык корлорунун, пландалган максаттарына жетпеген, белгилүү бир иш-чараларга чыгымдалган мамлекеттик каражаттардын аныкталган суммалары кирет.*

Отчёттук жылы Эсептөө палатасы тарабынан **2 007,9 млн.сомго** **<u>рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар</u>** аныкталган. Өткөн жылга салыштырмалуу, бул көрсөткүч 1 207,6 млн.сомго көбөйгөн.

Негизинен көбөйүү, ***"Жылдын аягында мекемелердин кассаларында накталай бюджеттик каражаттардын пайдаланылбаган калдыктары"*** түрү боюнча 784,9 млн.сомго жана ***"Товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору жана алыш-бериш эсептериндеги каражаттар"*** 212,3 млн.сомго аныкталган бузуулардын эсебинен жүргөн.

Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын аныкталган жалпы суммасынан **959,2 млн.сом** калыбына келтирилүүгө тийиш болсо, анын ичинен **863,1 млн.сом** калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү **90 пайызды** түзгөн.

***5-диаграмма. Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар*** *(млн.сомдо)*




***4-таблица. Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар*** *(млн.сомдо)*

| Көрсөткүч | Сумма | %да |
|---|---|---|
| - Жылдын аягында мекемелердин кассаларындагы бюджеттик накталай каражаттардын пайдаланылбаган калдыктары | 798,4 | 39,78% |
| - Пландалган максатына жетпестен чыгымдалган каражаттар | 772,4 | 38,49% |
| - Товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору жана эсептеги каражаттар | 430,2 | 21,43% |
| - Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдөгү бузуулар | 6,9 | 0,3% |
| **Бардыгы** | **2 007,9** | **100%** |

Жогоруда келтирилгендерден улам, рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын жалпы суммасындагы негизги үлүштү, ***“Жылдын аягында мекемелердин кассаларындагы бюджеттик накталай каражаттардын пайдаланылбаган калдыктары”*** беренеси боюнча 798,4 млн.сом суммасындагы каражаттар, же рационалдуу эмес чыгымдалган каражаттардын аныкталган жалпы суммасынан 40 пайыздын тегерегин түзөт. Бузуулардын бул түрү, бюджеттен каржыланган каражаттарды толук кандуу пайдаланбагандыгын көрсөтөт.

Бул бузуулардын түрү боюнча аныкталган абдан ири сумма болуп, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунда аныкталган 797,6 млн.сом (99%) эсептелет.

Көлөмү боюнча аныкталган кийинки суммага **“*Пландалган максатына жетпестен чыгымдалган каражаттар“*** бузуулар түрү кирет жана ал 772,4 млн.сомду, же рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын аныкталган жалпы суммасынан 38 пайызды түзгөн.

Мындай бузуулар түрүнө, пландалган максатына жетпестен, белгилүү бир иш-чараларга чыгымдалган мамлекеттик каражаттардын суммалары кирет (окуу жайынан окуу курсу толук аяктаганга чейин окуудан чыгарылган студенттерди окутуу чыгымдары, колдонулбай турган, конкреттүү жабдууларды сатып алууга чыгымдалган бюджеттик каражаттар жана башкалар).

Бузуулардын бул түрү боюнча аныкталган негизги сумма болуп, 2018-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча аныкталган 536,3 млн.сом (69%) эсептелет.

Ошондой эле, олуттуу сумманы ***“Товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору жана эсептеги каражаттар”*** түзүп, ал 430,2 млн.соду, же рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын аныкталган жалпы суммасынан 21 пайызга жакынды түзгөн. Алардын ичинен негизгилери: Кыргыз Республикасынын 2018-жылга республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча – 220,5 млн.сом (51%), Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунда – 70,1 млн.сом (16%) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинде – 40,5 млн.сом (9%).

## Коомдук жана башка уюмдарда аныкталган каржы бузуулары

*Бул бузуулар бюджеттик каражаттар менен байланыштуу эмес. Негизинен мындай бузуулар, өзүнүн ишин чарбалык негизде жүргүзгөн мамлекеттик ишканаларга, ошондой эле мамлекеттин үлүшү 51 пайыздан ашыкты түзгөн акционердик коомдорго жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталат.*

Мамлекеттик органдардагы жана уюмдардагы каржы бузуулары менен катар, ошондой эле аудит тарабынан **коомдук жана башка уюмдарда 544,2 млн.сом каржы бузуулары** аныкталган. 2018-жылга салыштырмалуу бул көрсөткүч 266,8 млн.сомго көбөйгөн.

Аныкталган суммалардын жалпы суммасынан **485,9 млн.сом** калыбына келтирилүүгө тийиш болсо, анын бардыгы толугу менен калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү **100 пайызды** түзгөн.

Бул бузуулардын түрү боюнча олуттуу сумма, Банктарды жоюу боюнча агенттикте – 445,5 млн.сом, же 82 пайызы аныкталган.

Негизинен, бул сумманын олуттуу бөлүгү, банкрот банктардын насыялык портфелинин насыялары боюнча карыз суммасы катары, баланстык эсептен аларды алып салгандан кийин, Агенттиктин тутумдан сырткары эсебинде эсепке алынган эмес. Аудиттин жыйынтыгы менен алар тийиштүү эсепке алынган.

## Жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 124-беренесине ылайык, жергиликтүү бюджеттердин аткарылышына аудит Эсептөө палатасы тарабынан эки жылда бир жолу жүргүзүлөт.

Отчеттук жылы Эсептөө палатасы тарабынан 15 шаардын (Бишкек жана Ош шарларын камтуу менен) мэрияларынын жана 327 айыл өкмөтүнүн бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына аудиттер жүргүзүлгөн.

### *Шаарлардын бюджеттеринин аткарылышы*

15 шаардын мэрияларынын жана алардын ведомстволук мекемелеринин бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудит тарабынан, жалпы **1 328,9 млн.сом** суммасында **каржы бузуулары** аныкталган.

Жогоруда белгилеп кеткендей, 2-диаграммада көрсөтүлгөн жана 2-таблицага карата баяндалган жазууда, 97 пайыздан ашыгы (1 296,7 млн.сом) Бишкек шаарынын мэриясына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча аныкталган каржы бузууларына тиешелүү, ал жерде алардын көпчүлүгү (912,9 млн.сом) ***“Эмгек акыларды негизсиз төлөөлөр”*** сыяктуу бузуулардын түрү болуп эсептелет, алар, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кайтарылууга жатпайт. Ошондой эле, олуттуу сумма болуп, 107,5 млн.сомду түзгөн курулуш-куроо иштеринин көлөмүн ашыруу болуп эсептелет.

Аныкталган суммалардын жалпы суммасынан **136,8 млн.сом** калыбына келтирилүүгө тийиш болсо, анын ичинен **90,3 млн.сом** калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү **66 пайызды** түзгөн.

Шаарлардын аныкталган **бюджеттеринин резервдери жана жоготуулары** **333,6 млн.сомду** түзгөн.

***“Эмгек акыларды негизсиз төлөөлөр”*** бузуулардын бул түрү боюнча олуттуу сумма 131,0 млн.сомду түзгөн, ага штаттык жүгүртмө жана штаттык ченемдер менен каралган сан сакталбагандыктан улам жүргүзүлгөн мыйзамсыз төлөмдөрдүн суммалары, аткарылган иштердин (кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмдөрүн кошуп жазуулар, сыйлоо жөнүндөгү колдонуудагы жобону бузуу менен, сый акыларды жана башка сыйлоолорду төлөө жана ашык төлөөлөр жана башкалар кирет. Негизинен, мындай бузуулар Бишкек шаарынын мэриясында аныкталган (115,7 млн.сом). ***“Башка резервдер жана жоготуулар”*** 187,1 млн.сомду түзгөн, алардын негизгилери төмөндөгүлөрдө аныкталган: Бишкек шаарынын мэриясында - 85,1 млн.сом жана “Бишкек жүргүнчүлөр автотраснспорттук ишканасы” Муниципалдык ишканасында (Бишкек шаарынын мэриясы) - 60,7 млн.сом.

Аныкталган суммалардын жалпы суммасынан **918,6 миң сом** калыбына келтирилүүгө тийиш болсо, анын бардыгы толугу менен калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү **100 пайызды** түзгөн.

Ошондой эле, **шаарлардын бюджеттик каражаттарынын 48,1 млн.сомго рационалдуу эмес пайдаланышы** аныкталган.

Аныкталган суммалардын жалпы суммасынан **7,9 млн.сом** калыбына келтирилүүгө тийиш болсо, анын ичинен **2,1 млн.сом** калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү **27 пайызды** түзгөн.

Бузуулардын бул түрү боюнча олуттуу суммалар болуп, ***"Пландалган максатына жетпестен, белгилүү бир иш-чараларга чыгымдалган каражаттар"*** эсептелет жана ал 38,9 млн.сомду түзгөн, ал жерде "Бишкек жашылдандыруу чарбасы" Муниципалдык ишканасында (Бишкек шаарынын мэриясы) - 18,1 млн.сом жана Бишкек шаарынын мэриясынын Капиталдык курулуш коомдук-мамлекеттик башкармалыгында - 15,2 млн.сом аныкталган.

Мындан сырткары, **коомдук жана башка уюмдардагы каржы бузуулар** - **47,2 млн.сом.**

Аныкталган суммалардан **8,2 млн.сом** калыбына келтирилүүгө тийиш болсо, ушул отчетту түзүү учурунда **калыбына келтирилген эмес.**

Мындай бузуулардын негизги үлүшүн, "Бишкек санитардык полигон" Муниципалдык ишканасына (Бишкек шаарынын мэриясы) жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча аныкталган 36,7 млн.сом суммасы түзөт.

### *Айыл өкмөттөрүнүн бюджеттеринин аткарылышы*

Айыл өкмөттөрүнө жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталган **каржы бузууларынын** суммасы **100,6 млн.сомду** түзгөн, анын ичинен:

*- курулуш-куроо иштеринин көлөмүн ашыруу – 31,1 млн.сом;*

*- дебитордук жана ашырылган насыялык карызды эсепке алууну жашыруу – 21,7 млн.сом;*

*- эмгек акыларды негизсиз төлөөлөр – 17,7 млн.сом;*

*- салык жана бажы мыйзамдарын бузуу – 10,6 млн.сом;*

*- материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу – 6,9 млн.сом;*

*- бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу – 4,2 млн.сом;*

*- бюджетке чегерилүүгө тийиш болгон ижара акысы – 3,1 млн.сом;*

*- жана башкалар – 5,3 млн.сом.*

Аныкталган бузуулардын ичинен олуттуу сумма (10%) болуп, Ош областынын Кара-Суу районунун Сарай айыл өкмөтүндө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча аныкталган, курулуш-куроо иштеринин көлөмүн 10,3 млн.сомго ашыруу эсептелет.

Аныкталган каржы бузуулардын жалпы суммасынан **81,1 млн.сом** калыбына келтирилүүгө тийиш. Отчеттук мезгилдин аягында **54,1 млн.сом** калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү **67 пайызды** түзгөн.

Айыл өкмөттөрүнүн аныкталган **бюджеттеринин резервдери жана жоготуулары** **70,3 млн.сомду** түзгөн, анын ичинен:

*- бюджеттин башка резервдери жана жоготуулары – 43 млн.сом;*

*- ТМБ ченемден ашык корлору жана эсептердеги каражаттар – 19,4 млн.сом;*

*- эмгек акыларды төлөөдөгү бузуулар - 4,6 млн.сом;*

*- жана башкалар – 3,3 млн.сом.*

Айыл өкмөттөрүнүн бюджеттеринин резервдеринин жана жоготууларынын аныкталган жалпы суммасынан **12,7 млн.сом** калыбына келтирилүүгө тийиш болсо, анын ичинен **441,0 миң сом** калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү **3 пайызды** түзгөн.

**<u>Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын</u>** жалпы суммасы **9,2 млн.сомду түзгөн,** анын ичинен:

- ТМБ ченемден ашык корлору жана эсептердеги каражаттар – 8,6 млн.сом;
- максатына жетпестен белгилүү бир иш-чараларга чыгымдалган каражаттар – 0,6 млн.сом.

Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын аныкталган жалпы суммасынан **494,0 миң сом** калыбына келтирилүүгө тийиш болсо, анын ичинен **76,8 миң сом** калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү **16 пайызды** түзгөн.

### 2.2. Аудит объектилери тарабынан жазма буйруктардын жана сунуштардын аткарылышы


“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине ылайык, Эсептөө палатасы аудит объектисине милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болуп эсептелген жазма буйруктарды берүүгө укуктуу. Жазма буйрук өзүнө каржы бузууларынын калыбына келтирүүгө тиешелүү суммаларын, каражаттарды чыгымдоодогу аныкталган кемчиликтерди четтетүү сунуштарды жана ченемдик укуктук актылардагы карама-каршылыктарды, тигил же бул бузууларга жол берген жооптуу адамдардын жоопкерчилигин кароо жөнүндө сунуштарды камтыйт. Мындан сырткары, Эсептөө палатасы жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, жазма буйруктардан сырткары аудит объектилерине аныкталган бузууларды четтетүү жана аларды алдын алуу боюнча тиешелүү сунуштарды жөнөтөт.



2019-жылы жүргүзүлгөн аудитордук иш чаралардын жыйынтыктары боюнча аудит объектилерине **652 жазма буйруктар жана 122 сунуштар** жөнөтүлгөн. Жөнөтүлгөн жазма буйруктардын жалпы санынын ичинен 201 (31%) толук аткарылган, 163 (25%) жарым-жартылай аткарылган жана 288 жазма буйрук (44%) аткаруу баскычында турат.

Жазма буйруктар боюнча калыбына келтирилүүгө тийиш болгон сумма **2 574,1 млн.сомду** түзгөн, анын ичинен **1 067,8 млн.сом (41%)** калыбына келтирилген.

*6-диаграмма. 2018-2019 - жылдарга жазма буйруктардын аткарылышы*




Мында, жазма буйруктарды аткаруу жана суммаларды кайтаруу толук эмес көлөмдө аткарылып жаткандыгы, Эсептөө палатасынын борбордук аппаратында аларды жалпылагандан кийин, көпчүлүк жазма буйруктар 2019-жылдын 4-чейрегинде жана 2020-жылдын башында жөнөтүлгөндүгү менен түшүндүрүлөт, бул болсо, Эсептөө палатасы, ошондой эле аудит объекттеринин борбордук аппараттары тарабынан жазма буйруктардын жана сунуштардын аткарылышын көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүн көбөйтөт.

Ошондой эле, чейрек сайын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн дарегине мамлекеттик органдар тарабынан Эсептөө палатасынын жазма буйруктарынын аткарылышы жөнүндө маалымат жөнөтүлүп турат.

Мындан сырткары, Эсептөө палатасынын Кеңешинин кезектеги отурумдарында жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктарын кароодо жана бекитүүдө, биринчи маселе болуп, мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча жөнөтүлгөн Эсептөө палатасынын жазма буйруктарынын жана сунуштарынын аткарылышы жөнүндө аудит объектилеринин жетекчилеринин маалыматы каралат жана угулат.

Аудит объектиси тарабынан мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктардын аткарылышы жөнүндө маалымат, жүргүзүлгөн аудитордук иш-чаралардын жыйынтыктары жөнүндө кийинки отчетторуна киргизилерин белгилей кетүү керек.

Отчеттук жылы аудит объектилери тарабынан Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын аткаруунун негизинде, **56 кызматтагы адамдар тартип жоопкерчилигине** тартылган, ошондой эле **9 кызматтагы адам ээлеген кызматынан** бошотулган. Негизинен, кызматынан бошотулгандар булар – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын каржы бөлүмдөрүнүн кызматкерлери жана мамлекеттик сатып алуулар боюнча адистер.

Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын аткарбагандыгы, ошондой эле талаптагыдай аткарабагандыгы жана толук көлөмдө аткарбагандыгы, аларды аткаруу мөөнөтүн создуктургандыгы үчүн, отчеттук жылы 2 мамлекеттик орган (Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жол министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттиги) боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган чараларды көрүү үчүн, тиешелүү маалыматтар Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына жөнөтүлгөн.

### 2.3. Бюджеттик мыйзамды жакшыртуу боюнча сунуштар жана сунуштамалар

2019-жылы мамлекеттик органдарга жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн дарегине бюджеттик процессти жакшыртуу боюнча Эсептөө палатасынын сунуштары камтылган 11 сунуш жөнөтүлгөн.

Алсак, жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жөнөтүлгөн Эсептөө палатасынын маанилүү сунуштары төмөндө берилген:

- ***2018-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:***

- Мамлекеттик бюджеттик резервдин иштешине байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 23.10.2007-жылдагы №509 “Өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу жана жоюу боюнча атайын эсеп жөнүндө” токтомун жокко чыгаруу;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.11.2011-жылдагы №694 токтому менен бекитилген, “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 18-октябрындагы №248 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинде турган мекемелердин контракттарын жана бюджеттик милдеттенмелерин каттоонун тартиби жөнүндө” Нускамаларынын ченемдерин, бюджетик мыйзамга каршы келген ар кандай фонддорду жана атайын эсептерди колдонуу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн көптөгөн чечимдерин Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык келтирүү;

- бюджеттен сырткары түзүлгөн фонддорду жана атайын эсептерди Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык инвентаризация жүргүзүү жана анын жыйынтыгы боюнча жөнсүз алынган каражаттарды бюджеттин кирешесине чегерүү;

- сый акыларды жана ар кандай социалдык кепилдиктерди, эмгек акыга карата үстөк акыларды төлөө боюнча атайын эсептин каражаттарынын пайдалануунун укуктуулугу;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнү Иш башкармалыгынын алдындагы Мамлекеттик имараттар департаментине караштуу имараттарды тейлөө боюнча коммуналдык кызматтарды төлөөгө республикалык бюджеттин чыгымдарын оптималдаштыруу максатында, мамлекеттик органдардын ыкчам башкаруусуна мамлекеттик имараттарды жана жайларды берүү.

- ***Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигине:***

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 “Мамлекеттик органдар, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмесин) бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген, Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине Агенттиктин мамлекеттик

кызматтарды киргизүү боюнча  сунуштарды тиешелүү мамлекеттик органдар менен бирдикте иштеп чыгууну Агенттикке тапшыруу;

- төмөндөгү маселелерди кароо:

а) Турак жай департаментин бекитилген чыгымдар сметасына жана чектелген санга ылайык, республикалык бюджеттен каржылоого өткөрүүнүн максатка ылайыктуулугун, бул болсо, бюджет каражаттарын үнөмдөөгө жана аларды натыйжалуу жана рационалдуу чыгымдоого мүмкүндүк берет;

б) тейлөөгө түздөн түз кирбеген чыгымдарды төлөөнү алып таштоо максатында, Бишкек шаары, Манас пр.,28 дареги боюнча жайгашкан имаратты Агенттиктин жеке балансына коюу жана ыкчам башкарууга берүүнү.

- ***Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматына:***

- салык карызы бар банкрот болгон субъекттер боюнча жүргүзүлгөн банкроттук жол-жоболордун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, банкрот болгон субъекттерди эсепке алуу жана салык карызын кайтаруу суммалары боюнча маалымат алмашуу бөлүгүндө банкроттуулук боюнча ыйгарым укуктуу органдар менен өз ара аракеттенишүү күчөтүлсүн*;*

- жалган банкроттуулук тобокелдигин алып салуу, салык карызын өндүрүү боюнча иштин натыйжзалуулугун жогорулатуу, мамлекеттик бюджеттин кирешелерин толук мобилизациялоо максатында, “Банкроттуулук жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын эске алуу менен, МСКБнын демилгеси боюнча банкроттуулук процессин козгоо жол-жоболорун контролдоо күчөтүлсүн;

- акциз салыгынын келип түшүүсүн көбөйтүү, алкоголдук продукция рыногунун үстүнөн контролдоону жана лицензиялык талаптардын аткарылышын күчөтүү максатында, алкоголдук продукция өндүрүүчүлөрдү контролдоо жана бирдиктүү тиешелүү төлөмдөрдү администрлөө функциясын бирдиктүү мамлекеттик органга жүктөө маселесин кароону сунуш кылат.

Салыктарды жетиштүү деңгээлде администрлөө жүргүзүлбөгөндүктөн, 2018-жылга, салыктар боюнча карыздардын 898,6 млн.сомго өсүшүнө, Бишкек шаарын жана Чүй областынын Ысык-Ата районун эле алганда жоюлган банкрот-субъектилердин салык карыздарынын кечүүсүнүн натыйжасында 238,1 млн.сомго бюджеттин жоготууларына жол берилген, кайтарымсыз салык карыздарын кечүүнүн негизинде бюджеттин жоготуулары 224,2 млн.сомду түздү. Мындай алсыз көзөмөл системасы, 2018-жылы 780,8 млн.сом салык карыздары бар субъектерди банкрот деп табууга алып келген.

- ***Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматына:***

- 2015-жылдын 31-мартында кол коюлган, Евразиялык биримдикке кошулуу процессинин алкагында Кыргыз Республикасына техникалык жардам көрсөтүү жөнүндө КР Өкмөтү менен РФ Өкмөтүнүн ортосунда түзүлгөн Макулдашууга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө Протокол менен белгиленген мөөнөттө, өткөрүү пункттарын модернизациялоо мөөнөттөрүнүн сакталышын контролдоого алуу;

- тиешелүү мамлекеттик органдарга маселени талдоого жана тиешелүү сунуштарды киргизүүнү тапшыруу:

а) КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 24-январындагы №31 токтомуна ылайык, импорттоодо кошумча нарк салыгын (КНС) төлөөдөн бошотулган дары-дармектердин Тизмесине кирген дарыларды КНСтен бошотуунун максаттуулугу;

б) соодалык бааларын төмөндөтүү аркылуу, абдан керектүү дары-дармектерге болгон керектөө бааларына мамлекеттик жөнгө салууну киргизүү;

в) мамлекеттик органдардын маалыматтык ресурстарынын маалыматтык коопсуздугун камсыздоо жаатында ченемдик укуктук базаны өнүктүрүү жана маалыматтык тутумга карата бирдиктүү саясатты киргизүү.

- ***Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна::***

- төмөндөгү маселелерди кароо:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-декабрындагы №648 “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн башкаруу функцияларын өткөрүп берүү чаралары жөнүндө” токтомуна байланыштуу, Пенсиялык фондго, Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондуна, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо боюнча Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун функциясын алып салуу жөнүндө, токтом боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсептелишин жана төлөнүшүн контролдоо, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын бузгандыгы үчүн жоопкерчиликке тартуу боюнча функцияларды жана ыйгарым укуктарды ишке ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп 2019-жылдын 1-январынан тартып Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы аныкталган.

- Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2016-жылдын 25-январындагы токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондун жана Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондун каржылоо тартибинде каралган, КР Социалдык фондунун административдик чыгымдарын түзүүгө багытталган, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна камсыздандыруу төгүмдөрүнүн чогултулган көлөмүнөн 3%дан ашык эмес чекте акча каражаттарын кармоону алып салуу боюнча;

- бюджеттик укуктук мамилелерди жөнгө салуу бөлүгүндө, “Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө” жана “Кыргыз Республикасында саламаттык сактоону каржылоодо Бирдиктүү төлөөчү тутуму жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен КР Бюджеттик кодексинин ченемдеринин ортосундагы карама-каршылыктар жөнүндө.

## 3. Отчеттук жылга карата республикалык бюджеттин, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттердин негизги аспекттери

## 3.1. Кыргыз Республикасынын 2018-жылга республикалык бюджетинин аткарылышы

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча Эсептөө палатасы, 2018-жылга республикалык бюджеттин аткарылышында жол берилген олуттуу кемчиликтер жөнүндө корутунду берди.

Бюджетти аткарууда, бирдейликти, толуктукту, айкындуулукту жана ырааттуулукту сактоо бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинде коюлган принциптер толук көлөмдө сакталган эмес, атап айтканда:

- ченемдик укуктук базаны жакшыртуу жана аны Бюджеттик кодекске шайкеш келтирүү боюнча Бюджеттик резолюциянын багыттары *(Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2017-жылдын 24-майындагы № 1594-VI токтому)* толук көлөмдө аткарылган эмес. Буга байланыштуу, атайын эсептин каражаттарын администрлөөнүн ыраатсыздыгына, бюджеттик милдеттенмелерге жана акча каражаттарына контролдоонун начар тутумуна жол берилген. Бул болсо, туруктуу фискалдык саясаттын максаттарына жана мамлекеттик финансыны натыйжалуу башкарууга жетүүнү камсыздаган эмес;
- “Финансылык тартип” (бюджеттин реалдуулугуна жана ишенимдүүлүгүнө жетүүгө жардам берүүчү планга ылайык бюджетти аткаруу), “Кирешелерди жана чыгымдарды болжолдоону жакшыртуу”, “Бюджет, анын толуктугу жана айкындуулугу жөнүндө маалыматтын жеткиликтүүлүгү жана ачыктыгы”, “Бюджет аралык мамилелердин ачыктыгы”, “Милдеттенмелерди жана акча каражаттарын контролдоону жакшыртуу”, “Мамлекеттик сектордо эмгек акы фондун башкарууну жакшыртуу”, Бюджетти аткаруу тартибин камсыздоо” натыйжалуулук индикаторлоруна толук көлөмдө жетишилген эмес;
- 2018-жылга бюджеттин аткарылышы боюнча отчетто, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин “Республикалык бюджетти аткаруу боюнча объективдүү жана субъективдүү четтөөлөр жөнүндө отчет” 116-беренеси менен каралган маалымат толук көлөмдө берилген эмес;
- киреше бөлүгү боюнча болжолдоодон факты жүзүндө жеткире аткарбоо 4,3%, чыгымдар бөлүгү 7,9%, “Кирешелерди жана чыгымдарды болжолдоону жакшыртуу” максатынын чектүү критерийлери тиешелүү түрдө 1,3% жана 2,9% ашырылган (*Кирешелерди аткаруу - 135,5 млрд.сом, же кирешелердин 6,0 млрд.сомго түшүп калуусу менен 95,7%. Чыгымдарды аткаруу - 141,9 млрд.сом, же 12,2 млрд.сомго аткарылбашы менен, болжолдоого карата 92,1%);*
- 6,4 млрд.сомго бюджеттин тартыштыгы алдында, аны жабууга 11,2 млрд.сом пайдаланылган, анын ичинен тышкы каржылоо каражаттары менен - 1,8 млрд.сом жана ички каржылоо - 9,4 млрд.сом. 2,8 млрд.сомго мамлекеттик баалуу кагаздарды кошумча чыгаруу эсебинен бюджетин тартыштыгын жабууга жол берилген (аларды тейлөө боюнча эсептик маалыматтар *280,0 млн.сом*), мында 2018-жылдын аягында, 2,2 млрд.сомго бюджеттик каражаттардын пайдаланылбаган калдыктары жана 2,6 млрд.сомго атайын эсептин каражаттары пайда болгон;
- ИДПга карата мамлекеттик карыздын катышы - 56,0%ды, тышкы карыз - 48,0%ды түзгөн. Ошону менен бирге, ЕАЭБ экономика саясатынын алкагында, 50%

өлчөмүндө мамлекеттик карыздын босогосу аныкталган, же ашыруу 6,0 пайыздык пунктту түзгөн;

➢ болжолдоо методикасы (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 26-августундагы *№604* токтому) боюнча салыктык келип түшүүлөрдү толук кандуу болжолдоо камсыздалган эмес. Жалпы акча массасында накталай акчалардын (*84,8 млрд.сом*) жогору салыштырма салмагы эсепке алынган эмес, натыйжада, эсептик кирешелүү резервдер 15,8 млрд.сомду түзгөн;

➢ КНСти, акциз салыгын жана сатык салыгын начар администрлөө, “Продуктыларга жана импортко таза салыктар” ИДП көрсөткүчүнүн факты жүзүндөгү маанисин болжолдоодон 3,2%га ашыруу менен, алар боюнча болждолдоо 3,4 млрд.сомго 4,7%га аткарылбагандыгын көрсөткөн;

➢ мөөнөтү өткөн карызды (*5,0 млрд.сом*) эсепке албастан туруп, бюджеттик насыяларды төлөө боюнча келип түшүүлөр азайтылып болжолдонгон, бул болсо, карызды өндүрүүнү жана келечекте алардын өсүүсүн контролдоонун начарлашына алып келет (*2018-жылы - 195,7 млн.сом*);

➢ атайын эсептин каражаттарын пайдалануу боюнча толук ырааттуулук камсыздалган эмес. Айрым министрликтер жана ведомстволор тарабынан, Бюджеттик кодекске ылайык келтирилбеген Өкмөттүн чечимдеринин негизинде атайын каражаттар түзүлөт (*1,2 млрд.сом*).

Аткаруу процессинде программалык бюджеттөөнү андан ары жайылтуу, программалык бюджеттерди түзүү жана аткарууга карата министрликтер менен административдик ведомстволордун формалдуу мамилеси менен татаалдашкан.

“Милдеттенмелерди жана акча каражаттарын контролдоону жакшыртуу” индикаторунун натыйжалуулугунун төмөндүгү белгиленген. Финансылык тартип начарлаган, бюджеттик каражаттардан дебитордук карызга - 6,2 млрд.сом, насыялык карызга - 24,5 млрд.сом тартылган *(мамлекеттин бюджеттик милдеттенмелеринен тышкары).*

Финансылык тартиптин начарлашынын негизги себептери болуп, төмөндөгүлөр эсептелет:

- мониторинг жүргүзүү, ошондой эле бюджеттик милдеттенмелерди контролдоо боюнча тутумдун жана механизмдин начарлыгы;

- мөөнөтү өткөн карызга карата милдеттенмелерди киргизүү үчүн мөөнөттүн жоктугу;

- бюджеттик жылдын аягында каражаттарды каржылоо;

- бюджеттик милдеттенмелерди эсепке алуу жана контракттарды каттоо боюнча ченемдик актылардын актуалдуу эместиги (2010-жылдын 18-октябрындагы *№248 жана 2011-жылдын 3- ноябрындагы №694*).

Бюджеттик мамилелер чөйрөсүндө киреше потенциалынын ачыктыгы механизмдерин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттик камсыздалышын теңдөө принциптерин камсыздоо, натыйжалуулук индикаторлорунун негизинде теңдөөчү гранттын формулаларын жакшыртуу боюнча чаралар жетишсиз.

Буга байланыштуу, каржылоо менен байланышкан, республикалык бюджеттин эсепке алынбаган ресурстары бар:

- жыл башында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарындагы пайдаланылбаган каражаттардын калдыгын эсепке албастан теңдөөчү гранттар (*0,7 млрд.сом*);

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жеке чечимдери менен, негизинен штаттан ашык бирдиктерди кармоо, эмгек акыга карата кошумча төлөмдөр жана социалдык кепилдиктерге аларды пайдаланууга мүмкүндүк берүүчү регламенттелген процесси жана бөлүү тартиби жок максаттуу трансферттер (*2,0 млрд.сом*).

“Капиталдык салымдар формасында ишке ашырылган инвестициялык долборлордун тизмесин түзүү жөнүндө” Жобону (*Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-декабрындагы № 855 токтому менен бекитилген)* бузуу менен, бюджеттик инвестициялардын Тизмесинде бюджеттик жылы аяктоого тиешелүү болгон объектилердин артыкчылыктуулугу эске алынган эмес, атап айтканда, аяктоо үчүн 2,6 млрд.сом керектөө менен 2003-2017-жылдары башталган 82 объект (*59 мектеп - 1,9 млрд.сом, 19 балдардын мектепке чейинки мекемелери - 0,6 млрд.сом, 4 спорттук курулма - 62,9 млн.сом*) киргизилген эмес. Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин маалыматтарына ылайык, азыркы убакта, 242 авариялык абалдагы мектептер бар экендигине карабастан, Тизмеге, сметалык баасы 1,4 млрд.сом болгон жана анын ичинен 120,5 млн.сому 2018-жылы каржылана турган, жаңы 33 объектилер киргизилген.

2025-2031-жылдары кезектеги тышкы карызды тейлөөнүн аргасыз мезгили башталат жана мамлекеттик карызды тейлөө суммасы эки эсеге көбөйөт. Буга байланыштуу, тышкы карызды тейлөө боюнча келечектеги чыгымдарды азайтуу үчүн, карызды реструктуризациялоо боюнча активдүү чараларды көрүү зарыл.

Аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратына, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине тиешелүү маалыматтар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуштар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жазма буйрук жана сунуштар жөнөтүлгөн.

### 3.2. Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2018-жылга бюджетинин аткарылышы

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2018-жылдын 13-декабрында кабыл алынган, "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2018-жылга бюджети жана 2019-2020-жылдарга божомолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен, Социалдык фондунун бюджетинин кирешеси 51 086,9 млн.сомдон 51 157,9 млн.сомго чейин, же 71,0 млн.сомго көбөйүү менен такталган, чыгымдар 49 850,0 млн.сомдон 50 343,0 млн.сомго чейин көбөйгөн, же 814,9 млн.сом профицит менен, 493,0 млн.сомго.

Бюджетти факты жүзүндө аткаруу кирешелер боюнча - 51 013,8 млн.сомду, чыгымдар боюнча 50 309,7 млн.сомду түзгөн жана 2018-жылга Социалдык фондунун бюджети жөнүндө Мыйзамдын такталган параметрлеринин

аткарылбагандыгын көрсөткөн: кирешелер боюнча -144,1 млн.сом, чыгымдар боюнча - 33,3 млн.сом жана бюджеттин профицити боюнча - 110,8 млн.сом.

Пенсиялык фондунун киреше параметрлери 190,7 млн.сомго жеткире аткарылган эмес, калган фонддор боюнча кирешелердин аткарылышы белгиленгенден 46,6 млн.сомго ашырылган.

50 343,0 млн.сомго такталган чыгымдарды алганда, чыгымдар параметрлеринин факты жүзүндө аткарылышы 50 309,7 млн.сомду түзгөн, же Социалдык фондунун милдеттенмелери 33,3 млн.сомго жеткире аткарылган эмес, анын ичинен, Пенсиялык фонд боюнча 75,7 млн.сомго жеткире аткарылган эмес, Мамлекеттик пенсиялык топтоо фонду боюнча 42,4 млн.сомго ашыра аткарылган.

144,1 млн.сомго кирешелердин аткарылбашына, 459,7 млн.сомго чыгымдардын көбөйүшүнө байланыштуу, Социалдык фондунун профицити 532,8 млн.сомго азайган, 1 236,9 млн.сомдон 704,1 млн.сомго чейин.

Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшүүсү боюнча 2018-жылы пландуу көрсөткүчтөрдүн жалпы жеткире аткарылбашы 158,2 млн.сомду түзгөн, анын ичинен, Пенсиялык фондунун камсыздандыруу төгүмдөрү - 204,9 млн.сом жана башка фонддор боюнча ашыкча төлөө - 46,7 млн.сом.

Республикалык бюджеттен трансферттер бюджетинин факты жүзүндө аткаруу 20 030,2 млн.сомду түзгөн, бул болсо, Социалдык фонддун каражаттарынын эсебинен төлөнгөн, такталган параметрлерден 8,5 млн.сомго көп.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун алдындагы Мамлекеттик пенсиялык топтоо фонду, Жеке эсепке алуу башкармалыгы, Кирешелер башкармалыгы жана Финансылык эсеп башкармалыгынын ортосунда өз ара аракеттенишүүнүн жоктугунан улам, Мамлекеттик пенсиялык топтоо фонду боюнча пенсиялык топтоолордун көлөмүн түзүү бөлүгүндө, аларды эсепке алууда 196,5 млн.сомго дал келбестик бар.

Пенсиялык топтоо фондунун каражаттарын администрлөөнүн жыйынтыктары, төлөөчүлөр алдындагы насыялык карыз катары, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун отчетунда көрсөтүлгөн эмес. Алсак, 2010-2018-жылдар мезгил аралыгында Пенсиялык топтоо фондунун камсыздандыруу төгүмдөрү 10 424,1 млн.сом көлөмүндө келип түшкөн, инвестициялык кирешелер – 7 368,6 млн.сом, инвестициялык кирешелерден пенсиялык топтоону төлөө жүргүзүлгөн - 617,8 млн.сом, Мамлекеттик пенсиялык топтоо фонду күтүү боюнча чыгымдар -27,8 млн.сом, отчетто төлөөчүлөр алдындагы **17 147,1 млн.сом** көлөмүндөгү милдеттенмелер эске алынышы керек.

Аудиттин жүрүшүндө, 2018-жылдын жыйынтыгы боюнча республикадагы бюджеттик уюмдар тарабынан, камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча 126,0 млн.сомго ашыкча төлөө жүргүзүлгөндүгү аныкталган, анын ичинен, Мамлекеттик пенсиялык топтоо фонду ашыкча – 75,0 млн.сом, же бюджеттик уюмдар тарабынан ашыкча төлөө эсебинен кирешелер боюнча план аткарылган.

Аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратына, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине тиешелүү маалыматтар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуштар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна жазма буйрук жана сунуштар жөнөтүлгөн.

### 3.3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2018-жылга бюджетинин аткарылышы

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун (мындан ары - ММК фонду) 2018-жылга бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, төмөндөгүдөй бузуулар жана кемчиликтер аныкталган:

- кирешелер жана чыгымдар бөлүгү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кароосуна берилген, 2018-жылга ММК Фондунун бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчет четтөө менен түзүлгөн: кирешелер бөлүгүнүн аткарылышы бөлүгүндө - 197,4 млн.сомго жана чыгымдар бөлүгүндө- 489,3 млн.сомго;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-сентябрындагы №451 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 26-майындагы №246 "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө токтомуна ылайык, үй-бүлөлүк дарыгерлердин/жалпы практика дарыгерлеринин, үй-бүлөлүк медициналык айымдардын жана Фельдшердик-акушердик пункттардын (ФАП) орто медициналык персоналдарынын эмгек акыларын жогорулатууга, 2018-жылы 157,5 млн.сом бөлүнгөн, анын ичинен саламаттык сактоо уюмдарында 63,7 млн.сом каржыланган, республикалык бюджет менен 93,8 млн.сом жеткире каржыланган эмес;
- биринчи кезекте чыгымдардын корголгон беренелерин каржылоо бөлүгүндө, “Кыргыз Республикасынын 2018-жылга республикалык бюджети жана 2019-2020-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары сакталган эмес, ал жерде чыгымдардын корголгон беренелери боюнча азайтуу жана жеткире каржыланган эмес;
- 2017-жылы милдеттүү медициналык камсыздандыруу (ММК) каражаттары боюнча республикалык бюджеттен факты жүзүндө 429,6 млн.сом жеткире каржыланган эмес, анын натыйжасында, 2018-жылдын башында медициналык жана фармацевтикалык кызмат көрсөтүүлөрдү жабдуучулар алдында кредитордук карыз пайда болгон. Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан социалдык аярлуу категорияны ММК боюнча өз убагында каржылоо бөлүгүндө, “Жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы бузулган. 2018-жыл ичинде көрсөтүлгөн карыз, ММК Фондунун кезектеги бюджетинин эсебинен төлөнгөн;
- отчеттук маалыматтар жана ММК Фондунун маалыматтары боюнча, саламаттык сактоо уюмдарында товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору аныкталгандыгын, белгилей кетүү керек, ал 44,2 млн.сом суммасында топтолгон бюджеттин каражаттарынын эсебинен сатылып алынган;
- “Кыргыз Республикасынын 2018-жылга республикалык бюджети жана 2019-2020-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесин бузуу менен, корголгон беренелер боюнча 2018-жылдын аягында кредитордук карызга жол берилген (медикаменттерди жана медициналык багыттагы буюмдарды жана тамак-аш продуктыларын сатып алуу);

- мамлекеттик сатып алуулар планын түзүү жана сатып алуулар планына өзгөртүүлөрдү киргизүү, аларды мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына жайгаштыруу жана конкурстарды өткөрүү жолу менен, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу бөлүгүндө, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамдын талаптары сакталбайт, сатып алынуучу товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларына мониторинг жүргүзүлбөйт (сатып алуулар планын түзүү, пландоо баскычында).

ММК Фондунун бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, төмөндөгүдөй негизги каржы бузуулары жана кемчиликтер аныкталган:

**1.** 25,3 млн.сом суммасындагы каржы бузуулар, анын ичинен:

- 42 уюмда акча каражаттарынын жана материалдык-техникалык баалуулуктардын кем чыгуулары - 234,2 миң сом;
- эмгек акыларды негизсиз төлөө - 14,3 млн.сом;
- 32 уюмдагы отчет берүүчү суммаларды камтуу менен, акча каражаттарын жана материалдык баалуулуктарды негизсиз эсептен чыгаруу - 607,5 миң сом;
- 5 уюмда курулуш-куроо иштеринин көлөмүн ашыруу- 804,3 миң сом;
- 6 уюмда мамлекеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу - 1,9 млн.сом;
- дебитордук жана ашырылган насыялык карызды эсепке алуу боюнча жашыруу - 5,2 млн.сом;
- 24 уюмда бюджеттин кошумча кошуп эсептелген кирешелери - 2,1 млн.сом.

**2.** 98,5 млн.сом суммасында бюджеттин резервдери жана жоготуулары аныкталган, анын ичинен:

- товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору -14,6 млн.сом, ал жерде электр жана жылуулук энергияларын ченемден ашык керектөөгө жол берилген;
- сый акыларды төлөөдөгү бузуулар, ченемден ашык бирдиктерди кармоо - 844,0 миң сом;
- Бюдежттин башка резервдери жана жоготуулары – 83,0 млн.сом, алсак, медициналык жабдууларды сатып алууга жана капиталдык оңдоолорду жүргүзүү үчүн, айрым саламаттык сактоо уюмдарына кошумча бөлүнгөн каражаттар - 137,3 млн.сом, ММК Фонду тарабынан саламаттык сактоо уюмдары каржыланган - 71,1 млн.сом (51,8%), 66,2 млн.сом суммасындагы калдык, ММК Фондунун топтолгон эсебинде калган. Көрсөтүлгөн каражаттар, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин чечими менен, максаттуу тартипте Мамлекеттик кепилдиктер программасын кошумча ченемден ашык каржылоого бөлүнгөн.

**3.** 810,3 млн.сомго каражаттарды рационалдуу эмес пайдалануу аныкталган, анын ичинен:

- пландалган максатына жетпестен, белгилүү бир иш-чараларга чыгымдалган каражаттар - 11,3 млн.сом;
- мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдөгү бузуулар - 1,4 млн.сом;

- ММК Фондунун жана саламаттык сактоо уюмдарынын эсептериндеги каражаттардын пайдаланылбаган калдыктары - 797,6 млн.сом.

Аудиттин жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратына, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңешинин катчылыгына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна жөнөтүлгөн.

## 4. Эксперттик-аналитикалык жана контролдук иш чаралардын жыйынтыктары

### 4.1. Евразиялык экономикалык биримдик (ЕАЭБ) мүчө мамлекеттеринин финансылык контролдоонун жогорку органдары тарабынан өткөрүлгөн, биргелешкен контролдук иш-чаралар

2019-жылга ЕАЭБ органдарында тышкы аудитти (контролдоону) жүргүзүү программасына жана планына ылайык, отчеттук жылы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жетекчилиги алдында, Россия Федерациясынын Эсептөө палатасынын, Армения Республикасынын Аудитордук палатасынын, Беларусь Республикасынын Мамлекеттик контролдоо комитетинин, Казакстан Республикасынын Республикалык бюджеттин аткарылышын контролдоо боюнча эсептөө комитетинин өкүлдөрүнөн турган топ төмөндөгүдөй аудиттерди жүргүзгөн:

- 2018-жылга ЕАЭБ бюджетинин аткарылышына тышкы аудит. Аудиттин алкагында 2018-жылы ЕАЭБ бюджетинин каражаттарынын пайдаланышы жана 2018-жылга бюджеттик отчеттуулуктун тууралыгы текшерилген;
- 2019-жылдын 1-жарым жылдыгында ЕАЭБ бюджетинин аткарылышына тышкы аудит. Аудит алкагында 2019-жылдын 1-жарым жылдыгында ЕАЭБ бюджетинин кирешелеринин түзүлүшүнө жана чыгымдарынын аткарылышына талдоо, 2019-жылдын 1-жарым жылдыгында ЕАЭБ бюджетинин каражаттарынын пайдаланышына талдоо жүргүзүлгөн;
- 2020-жылга ЕАЭБ бюджетинин түзүлүшүнө тышкы аудит. Аудиттин алкагында 2020-жылга ЕАЭБ органдарынын бюджеттик сметалар долбоорлорунун негиздүүлүгүнө, алардын ЕАЭБ укугуна жана ЕАЭБ органдарынын актыларына туура келишине, мүчө мамлекеттердин ченемдик укуктук актыларына 2020-жылга ЕАЭБ бюджетинин долбоорун түзүү тартибине ылайык келишине, 2020-жылга ЕАЭБ бюджетинин долбоорундагы кирешелер менен чыгымдардын көрсөтүлүшүнүн толуктугуна, ЕАЭБ органдарынын пландалган жалпы чыгымдарынын жана ЕАЭБ органдарынын бюджетинин пландалган кирешелеринин баланстуулугуна талдоо жана текшерүү жүргүзүлгөн.

Тышкы аудиттин объектилери болуп, ЕАЭБдин төмөндөгү органдары эсептелген:

1. Евразиялык экономикалык комиссия;
2. Евразиялык экономикалык биримдиктин соту.

Аудиттердин жыйынтыктары боюнча, ЕАЭБ бюджетинин каражаттарын тескөө жана башкаруунун, ЕАЭБдин мүлкүн жана башка активдерин пайдалануу

натыйжалуулугун жогорулатуу, ЕАЭБ укугуна кирген актыларды жакшыртуу максатында, тиешелүү сунуштар берилген.

***2018-жылы Биримдиктин мүчө мамлекеттеринин бюджеттеринин кирешелерине тыштан келтирилген бажы алымдарынын суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү тартиби жөнүндө Протоколдун сакталышы боюнча ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин финансылык контролдоонун жогорку органдары тарабынан жүргүзүлгөн биргелешкен контролдук иш-чаралардын жыйынтыктары***

Жүргүзүлгөн контролдук иш-чаралардын жыйынтыктары боюнча, 2018-жылы ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин ыйгарым укуктуу органдары тарабынан, негизинен, тыштан келтирилген бажы алымдарын сактоо тартиби сакталган.

2018-жылга салыштырмалуу, тыштан келтирилген бажы алымдарынын келип түшүүсүнүн жакшы динамикасы белгиленген.

2018-жылы мүчө мамлекеттердин бюджеттерине келип түшкөн, тыштан келтирилген бажы алымдарынын суммасы, 12,3 млрд. АКШ долларына жакын каражатты түзгөн жана 2017-жылга салыштырмалуу, тыштан келтирилген бажы алымдарынын келип түшүү көлөмү 5,7 пайызга өскөн.

Кыргыз Республикасына тыштан келтирилген бажы алымдарынын келип түшүүлөр суммасы - 25,0%га, Армения Республикасында - 24,2%га, Россия Федерациясында – 14,4%га, Беларусь Республикасында –7,0%га жана Казакстан Республикасында - 5,9 %га көбөйгөн.

2016 жана 2017-жылдардагыдай эле, 2018-жылы өз ара эсептешүү калдыгы эки мүчө мамлекетте терс бойдон калгандыгын, белгилей кетүү керек: Беларусь Республикасында, ал алганга караганда, Биримдиктин өлкөлөрүнүн бюджетине тыштан келтирилген бажы алымдарын 77,4 млн. АКШ долларынан көп чегерген, ал эми Россия Федерациясында 2018-жылы терс калдык 209,3 млн. АКШ долларын түзгөн.

Тыштан келтирилген бажы алымдары боюнча өз ара эсептешүүнүн оң калдыгы Армения Республикасында калган, ошондой эле - 37,6 млн.АКШ долларын, Казакстан Республикасында - 231,7 млн. АКШ долларын жана Кыргыз Республикасында - 7,7 млн. АКШ долларын түзгөн.

2017-жылдын 11-апрелинде кол коюлган, Евразиялык экономикалык бирлик жөнүндө келишимге Кыргыз Республикасынын кошулуусу тууралуу келишимдин айрым жоболорун колдонуу жөнүндө Протоколду убактылуу колдонууну эске алуу менен, 2017-жылдын 1-январынан тартып, төмөндөгүлөр үчүн, тыштан келтирилген бажы алымдарын бөлүштүрүүнүн төмөндөгүдөй ченемдери белгиленген:

- Россия Федерациясына – 85,265 пайыз;
- Казакстан Республикасына – 7,055 пайыз;
- Беларусь Республикасына – 4,560 пайыз;
- Кыргыз Республикасына – 1,900 пайыз;
- Армения Республикасына – 1,220 пайыз.

2018-жылдын 14-майында Сочи шаарында орун алган, 2014-жылдын 23-декабрында кол коюлган Евразиялык экономикалык бирлик жөнүндө келишимге Кыргыз Республикасынын кошулуусу тууралуу келишимге өзгөртүүлөрдү киргизүү

жөнүндө Протоколго (мындан ары – 2018-жылдын 14-майындагы Протокол) ылайык, 2019-жылдын 31-декабрына чейинки мөөнөттө ченемдерди узартуу каралган.

2018-жылга ЕАЭБ жөнүндө келишимдин, тыштан келтирилген бажы алымдарын бөлүштүрүү ченемдеринин сакталышы бөлүгүндөгү жоболорун текшерүүдө, бузуулар аныкталган жок.

Акыркы үч жыл ичинде талкууланып келген маселелердин бири акыры чечилгендигин, белгилей кетүү керек. Бул - Армения Республикасы жана Кыргыз Республикасы тарабынан, тыштан келтирилген бажы алымдарынын суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү тартибин, Протокол колдонула башталганга жана Бирликке алардын кошулуу датасына чейин, Армения Республикасы менен Кыргыз Республикасынын бажы аймагына товарларды келтирүүдө пайда болгон төлөм жөнүндө милдеттенмени колдонуу жөнүндө маселе. Бирликтин Сотунун 2019-жылдын 16-октябрындагы консультациялык корутундусуна ылайык, Соттун Кеңири коллегиясы тыштан келтирилген бажы алымдарынын суммаларын Бирликти уюштуруучу мамлекеттер ортосунда чегерүү жана бөлүштүрүү тартибин Протокол аныктайт деген корутундуга келишкен, Бирликтин бажы аймагына тыштан келтирилген товарларга карата төлөө боюнча милдеттенме 2010-жылдын 1-сентябрында пайда болгон, ал эми келишимге кошулган Армения Республикасы үчүн – 2015-жылдын 1-февралынан тартып, Кыргыз Республикасы үчүн – 2015-жылдын 1-октябрынан тартып.

Бирок, чечүүнү талап кылган көйгөйлүү маселелер көп жылдардан бери келе жаткандыгын, белгилей кетүү керек. Биринчи кезекте буга, жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө иштеген айрым уюмдар тарабынан, 2014-жылдан 2018-жылга чейинки мезгилде төлөнгөн тыштан келтирилген бажы алымдарын Бирликтин мүчө мамлекеттеринин бюджеттеринин кирешелерине Казакстан Республикасы тарабынан бөлүштүрбөө жана чегербөө жөнүндө азыркыга чейин чечиле элек маселе кирет.

Казакстан Республикасы тараптын ыйгарым укуктуу органдар, жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө (отун-энергетикалык сектор) пайда болгон укук мамилелеринин алкагында иштеген уюмдар тарабынан төлөнгөн тыштан келтирилген бажы алымдары, мүчө мамлекеттердин бюджеттерине бөлүштүрүлбөшү керек деп эсептешет.

2018-жылы жүргүзүлгөн бөлүштүрүлбөгөн тыштан келтирилген бажы алымдарын тандалма текшерүүнүн натыйжасында, Казакстан Республикасынын ыйгарым укуктуу органдары тарабынан, тыштан келтирилген бажы алымдарын чегерүү жана бөлүштүрүү жөнүндө протоколду бузуу суммасы 420 млн.дон ашык теңгени түзгөн. Ошентип, 2014-жылдан 2018-жылга чейинки мезгил аралыгына карата бул сумма 10,2 млрд.теңгеден кем эмес каражатты, же 30 млн.го жакын АКШ долларын түзөт.

Мүчө мамлекеттердин бажы органдары тарабынан, тыштан келтирилген бажы алымдарын төлөө менен байланышкан маалымат алмашуу тартибин ишке ашыруу маселеси узак убакыттан бери чечилбей келет.

Контролдук иш-чаранын жыйынтыгы боюнча отчет түзүлгөн жана тиешелүү сунуштар жөнөтүлгөн.

Ошондой эле, 2019-жылы Эсептөө палатасы террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча Евразия тобунун Катчылыгынын каржы-чарбалык ишине тышкы аудитти жүргүзүүгө катышкан (Москва шаары, Россия).

## 4.2. Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттери жөнүндө мыйзам долбоорлоруна, ошондой эле аларга киргизилген өзгөртүүлөргө карата корутундулар

2019-жылы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 72-беренесине жана “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү берген төмөндөгү мыйзам долбоорлоруна Эсептөө палатасы тарабынан талдоо жүргүзүлгөн:

- **“Кыргыз Республикасынын 2019-жылга республикалык бюджети жана 2020-2021-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору**

Мыйзам долбоорунда бюджеттин киреше бөлүгү - 3 556,3 млн.сомго (151 762,4 млн.сомдон 155 318,7 млн.сомго чейин), чыгымдар бөлүгү - 3 350,9 млн.сомго (161 913,1 млн.сомдон 165 264,0 млн.сомго чейин) көбөйтүлгөн. Бюджеттин тартыштыгынын чектелген өлчөму 205,4 млн.сомго (10 150,7 млн.сомдон 9 945,3 млн.сомго чейин) азайтылган.

Мыйзам долбоорун карап чыгуунун жыйынтыгы боюнча, Эсептөө палатасы төмөндөгүдөй корутундуларды жасаган:

➢ 2019-2021-жылдарга бюджеттин кирешелер курамына салыктык түшүүлөрдүн ИДПга карата 21%дан жогору үлүшүнө жетүүнү аныктаган, Кыргыз Республикасынын 2019-жылга бюджеттик резолюциясы жана 2020-2021-жылдарга болжолу сакталбагандыктан, Мыйзам долбоорунда салыктык түшүүлөр 18,6%ды түзгөн, же 2,4%га азайтылган, ИДПга карата 21%дан көп эмес бюджеттик каражаттардын чыгымдарынын үлүшүн болжолдоо менен, мыйзам долбоорунда чыгымдар 27,5%ды түзгөн, же 6,5%га көбөйтүлгөн;

➢ бюджеттин киреше бөлүгү эске алынган эмес:

- 2020-2022-жылдарга Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн орто мөөнөттүү болжолдоо менен каралган, «Кумтор Голд Компани» ЖАКы өндүргөн алтындын көлөмүнүн күтүлгөн өсүүсүнөн Кумтөрдүн дүң кирешесине салыкты көбөйтүү. Мыйзам долбоорунда салыктын эсептик суммасы 228,2 млн.сомго азайтылган;

- Россия Федерациясынан 454,2 млн.сом суммасындагы техникалык жардам;

➢ 69,1 млн.сомго «bank4-96» сериясындагы казыналык милдеттенмелерди тейлөө боюнча карыздарды реструктуризациялоо боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен ички ведомстволук ички макулдашуунун жол-жоболорун жүргүзүүнүн жоктугу;

- инвестициялык долбоорлорду каржылоону 11,7 млрд.сомго кыскартуу (узакка созулган ички мамлекеттик жол-жоболор; донорлор менен конкурстук документтерди кеч макулдашуу; подрядчыларды тандоонун создуктурулушу; иштин пландалган графигинен подрядчылардын артта калышы ж.б.);
- ички карызды тейлөөгө чыгымдарды 51,9 млн.сомго көбөйтүү;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-ноябрындагы №723 токтому менен бекитилген, "Республикалык бюджеттин долбоорун түзүү жана республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү тартиби" менен Бюджеттик кодекстин 27-беренесинин ортосундагы карама-каршылык;
- мыйзам долбооруна карата тиркемелердин көрсөткүчтөрүнүн дал келебеши.

- **"Кыргыз Республикасынын 2020-жылга республикалык бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору**

Берилген Мыйзам долбооруна карата, Бюджеттик кодекс менен каралган "артыкчылыктуулук" принцибинин сакталышы, Фискалдык саясаттын негизги багыттарына (ФСНБ) жана 2020-жылга Бюджеттик резолюциянын багыттары менен республиканын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн болжолуна ылайык бюджетти түзүү предмети боюнча маселе каралган.

Аны изилдөө жана талдоо жыйынтыгы боюнча Эсептөө палатасы төмөндөгүдөй негизги фактыларды белгилеген:

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджеттик резолюциясынын багыттары толук түрдө аткарылган эмес (2019-жылдын 1-октябрына чейин 2020-2025-жылдарга Кыргыз Республикасында фискалдык саясаттын концепциясын иштеп чыгуу жана кабыл алуу; натыйжасыз салыктык жеңилдиктерди кайрадан карап чыгуу жана жокко чыгаруу; салык милдеттенмелерин аткарууга карата узартуу жана калтыруу мөөнөттөрүн берүү үчүн, негиздемелердин тизмесин кыскартуу, республикалык бюджет жөнүндө Мыйзам долбооруна түздөн түз капиталдык салымдардын тизмесин киргизбөө жана 6,0 млрд.сомдон кем эмес чыгымдарды көлөмүн белгилөө - 3,0 млрд.сомго болжолдонууда).
- Мыйзам долбоорунда "Бюджеттин тартыштыгын каржылоо" позициясы боюнча, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептериндеги калдыктар жана бюджеттик ссудаларды берүү көлөмү боюнча ФСНБ параметрлеринен 1,0 млрд.сомго четтөө бар;
- бюджеттин 9,9 млрд.сом тартыштыгы алдында, 11,5 млрд.сомго жабуу булактары болжолдонууда, же 1,6 млрд.сомго жогору. Ошол эле учурда, бюджеттин тартыштыгын жоюу булактары, "Бюджеттик ссуданы жоюу" позициясын киргизбестен, бюджеттик насыялар боюнча негизги суммаларды энергетикалык компаниялар тарабынан кайтаруу болжолдолбогондугуна байланыштуу 1,4 млрд.сомго түзүлгөн.
- бюджеттин киреше бөлүгүн 1,8 млрд.сомго көбөйтүүнүн конкреттүү резервдери бар ("НЭС Кыргызстан" жана "Электр станциялары" ААКларынын бюджеттик насыялары боюнча пайыздар - 750,0 млн.сом, акциз салыгы - 40,0

млн.сом, Центерра менен стратегиялык макулдашууда каралган жыл сайынкы келип түшүүлөр - 11,3 млн. АКШ доллары (789,9 млн.сом), "Мамлекеттик финансыны башкаруу жаатында потенциалды өнүктүрүү" экинчи долбоорун (Өнүгүүнүн эл аралык ассоциациясы, Дүйнөлүк банк) ишке ашыруу үчүн, Көп кырдуу тасттык фонддун алкагында техникалык жардам - 3,0 млн. АКШ доллары (210,6 млн.сом);

- Мыйзам долбоорундагы мамлекеттик программалардын, иш-чаралардын жана чыгымдарына жана төлөмдөрүнө болжолдонгон 68,6 млрд.сом суммасы алдында, алардын негиздүүлүгүнө эсептөөлөр жок туруп, 5,7 млрд.сом болжолдонгон ("Коопсуз шаар" – 2 150,3 млн.сом; "Санариптик экономика" - 500,0 млн.сом; "Региондорду өнүктүрүү" – 2 072,4 млн.сом; "Чек ара аймактарын өнүктүрүү"- 100,0 млн.сом; "Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча программа " – 200,0 млн.сом; КНСти калыбына келтирүү жана кайтаруу - 500 млн.сом; сот чечимдерин аткаруу - 190,3 млн.сом);
- Бюджеттик кодекстин 21-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-ноябрындагы №723 токтому менен бекитилген, "Республикалык бюджеттин долбоорун түзүү жана республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү тартибинин" (негизделген эсептердин болушу) талаптары сакталбастан туруп, эмгек акы боюнча чыгымдар - 11,3 млрд.сомго, билим берүү боюнча чыгымдар - 30,1 млрд.сом суммасында түзүлгөн, же 2019-жылы бекитилген бюджетке салыштырмалуу 788,1 млн.сомго көбөйүү менен. Ошондой эле, негизделген эсептөөлөр жок туруп, социалдык төлөмдөрдүн (социалдык пакеттер) курамына Билим берүү жана илим, Саламаттык сактоо, Маданият, маалымат жана туризм министрликтеринин эмгек акыларын жогорулатууга 8,5 млрд.сом чыгымдар каралган;
- Мыйзам долбоорунун 12-беренесинде, жеке каражаттарын көбөйтүү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына дем берүү үчүн 100,0 млн.сом каралган, мында, ушундай эле сумма максаттуу трансферттерде да каралган, бул болсо, 100,0 млн.сомдун эки жолу пландалгандыгын көрсөтөт.
- «bank4-96» сериясындагы казыналык милдеттенмелер боюнча баалуу кагаздарды тейлөө мөөнөтү жогорулатылгандыгына карабастан, 2020-жылы аларды тейлөө боюнча чыгымдар 64,0 млн.сом суммасында болжолдонгон;
- жүгүртүүдөгү кассалык накталай акчалар 500,0 млн.сом өлчөмүндө каралууда, бирок, Бюджеттик кодекстин 110-беренеси боюнча 4 985,2 млн.сомду түзгөн эмгек акы фондусунун бир айлык көлөмүнүн чегинде пландалышы керек, же 4 485,2 млн.сомго көбөйтүү мүмкүнчүлүгү бар.

- **"2020-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору**

"2020-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна карата корутунду даярдоо боюнча иш-чаралардын жыйынтыгы менен, төмөндөгүдөй сунуштар берилген:

➢ “2020-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору менен каралган бөлүнгөн акча каражаттарынын суммасын, “Кыргыз Республикасынын 2020-жылга республикалык бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна ылайык келтирүү, же 96,0 млн.сомго көбөйтүү керек;

➢ кирешелер боюнча Социалдык фондунун бюджетинин долбоордук суммаларын кайрадан карап чыгуу жана көбөйтүү:

- 2019-жылдын 1-январына трансферттер боюнча Финансы министрлигинин карыз суммасын – 357,5 млн.сом;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы № 359-б “КПҮ” буйругуна ылайык, Финансы министрлигинин карыз суммасын – 174,9 млн.сом;

- бюджетин тартыштыгына жол бербөө максатында, 2021-жылга республикалык бюджеттен трансферттер - 1 033,0 млн.сом;

➢ Социалдык фонддун кирешелерин көбөйтүү маселесин кароо:

- “Кыргыз Республикасынын 2020-жылга республикалык бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоо жөнүндө” (53 512,7 млн.сом) жана 2020-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоо жөнүндө” (53 387,1 млн.сом) мыйзам долбоорлорундагы эмгек акы фонду боюнча 125,6 млн.сом суммасындагы айырма боюнча , ал жерде Социалдык фонддун потенциалдуу кирешеси 31,7 млн.сомду түзгөн;

- 2019-жылдын 6 айына карата Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы тарабынан берилген патенттер боюнча маалыматтарды салыштыруу менен, жеке ишкерлерди төмөн камтуудан улам, Социалдык фондунун бюджетинин потенциалдуу 420,8 млн.сом суммасы боюнча.

- **“2019-жылга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджети жана 2020-2021-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору**

Көрсөтүлгөн Мыйзам долбоору негизинен Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин талаптарына туура келет жана бюджеттик классификациялоого ылайык даярдалган.

Ошону менен бирге, төмөндөгүлөр белгиленген:

➢ төмөндөгүлөр боюнча тобокелдиктер бар:

- ММК каражаттары боюнча Социалдык фонд бюджетинен жана республикалык бюджеттен берилген бөлүнгөн акча каражаттары боюнча жеткире каржылабоо;

- Саламаттык сактоо уюмдарынын эсептеринде жылдын аягында өздөштүрүлбөгөн калдыктарынын пайда болушу;

- ММК Фонду тарабынан бюджеттик милдеттемелердин аткарылбашы.

- мамлекеттик акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүүдөн каражаттардын ашырылган көлөмү жыл сайын каралат, мурда болжолдонгон көлөмдөр жеткире келип түшпөгөндөн улам, алар жыл ичинде азаюу жагына такталат;
- мурунку жылдардай эле, мыйзам долбоорунда 190,0 млн.сом суммасындагы камсыздандыруу корлорун түзүүгө чыгымдар каралат, бирок, камсыздандыруу корлорунун каражаттарын түзүү жана пайдалануу тартиби жөнүндө бекитилген ченемдик укуктук актынын жоктугунан улам, көрсөтүлгөн каражаттар пайдаланылбайт;
- 2018-жылга бюджетти аткаруунун жыйынтыгы боюнча максаттуу каражаттардын пайдаланылбаган калдыктары, аларды кайтаруу механизмдеринин жоктугунан улам, ушул кезге чейин республикалык бюджеттин кирешесине кайтарылган эмес;
- Социалдык фондун Казыналыктын тутумунан сырткары тейлөөгө байланыштуу, Социалдык фонддун бюджетинен ММКга факты жүзүндө жыйналган жана берүүгө тиешелүү болгон камсыздандыруу төгүмдөрүнүн көлөмү жөнүндө ММК Фонду ишенимдүү маалыматтарга ээ эмес;
- 2019-жылдын январынан тартып камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо боюнча функция Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматына берилгендигине байланыштуу, милдеттүү медициналык камсыздандырууга келип түшүүчү камсыздандыруу төгүмдөрүнүн көлөмүнөн Социалдык фонд тарабынан кармалуучу каражаттардын өлчөмү кайрадан каралып чыккан эмес.

Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшүүлөрүнүн пландоонун толуктугун, ММК Фондунун бюджетин талаптагыдай жана сапаттуу тактоону жана аткарууну камсыздоо максатында, төмөндөгүдөй сунуштар берилген:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө:

- бирдиктүү төлөөчү тутумундагы бюджеттик эрежелерди жана жол-жоболорду жөнгө салуу боюнча ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу боюнча чараларды көрүү;

- Социалдык фонддун бюджетинен үстүбүздөгү жылдын аягына чейин ММК Фондунун бюджетине толук көлөмдө камсыздандыруу төгүмдөрүн жана республикалык бюджеттен бөлүнгөн акчаларды бөлүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен Социалдык фондунун милдеттенмелерин аткаруу боюнча тиешелүү контролдоону камсыздоо;

- Социалдык фондунун бюджетин тейлөөнү Казыналыктын тутумуна которуу боюнча тиешелүү чараларды көрүү; өлчөмүн аныктоо;

- эсептерди тейлөө боюнча чыгымдарды камсыздоого карата, милдеттүү медициналык камсыздандырууга келип түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн көлөмүнөн Социалдык фонд тарабынан кармалган каражаттардын өлчөмүн аныктоо;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна:

- саламаттык сактоо уюмдарынын атайын эсебиндеги 145,9 млн.сом суммасындагы каражаттар боюнча мыйзам долбоорунда мурда болжолдонгон көлөмдү азайтуу жана мындан ары алардын реалдуу келип түшүүсүн эсепке алуу

менен, акы төлөнүүчү кызматтардан түшкөн каражаттардын көлөмүн болжолдоону жүргүзүү;

- 2019-жылдын аягына чейин бюджетти аткарууда, 2018-жылга ММК Фондунун бюджетинин аткарылышна жүргүзүлгөн аудиттин жыйнытыктары боюнча Эсептөө палатасынын сунуштарын жана сунуштамаларын эске алуу.

- **“2020-жылга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору**

Көрсөтүлгөн Мыйзам долбоору негизинен Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин талаптарына туура келет жана Бюджеттик классификациялоого ылайык даярдалган.

Мында, Эсептөө палатасы өзүнүн корутундусунда төмөндөгүлөрдү белгилеген:

➢ 2020-жылга сунушталган кирешелер жана чыгымдардын көлөмү, 2019-жылы бекитилген көлөмдөн (15 030,9 млн.сом) 714,9 млн.сомго көп.

Көбөйүү кирешелердин төмөндөгү түрлөрү боюнча каралган:

- Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунан алынган каражаттар - 181,4 млн.сом;

- акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн келип түшкөндөр - 378,5 млн.сом, анын ичинен, кошуп төлөө каражаттары - 27,5 млн.сом.

Киреше бөлүгүнүн көрсөтүлгөн көбөйтүүлөрүнүн негиздүүлүгү, “2020-жылга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна карата Түшүндүрмө катта көрсөтүлгөн эмес.

➢ 2020-жылга мамлекеттик сектордун бирдиктерине 175,0 млн.сом ыктыярдуу трансферттер жана гранттар каралган, ал 6-тиркемеге ылайык, 2020-2022-жылдарга ММК Фондунун бюджетинде, программалык негизде Программанын жыйынтыктарга багытталган каражаттары катары каралган, ал эми 2021-2022-жылдарга каралган эмес;

➢ 2020-жылы ММК Фонду аркылуу гемодиализ кызмат көрсөтүүсүн алган бейтаптардын күтүлгөн саны 1 234 бейтапты түзгөн;

➢ бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооруган оорулуулар үчүн көрсөтүлгөн гемодиализ кызматына төлөөнүн бекитилген тартибине ылайык, 2020-жылы бардык керектөө 835,2 млн.сомду түзөт же бул иш-чарага жетишпеген каражат 356,5 млн.сомду түзөт;

➢ 2020-жылга ММК Фондунун бюджетинин долбоорунда, камсыздандыруу корлорун түзүүгө (толуктоого) 200,3 млн.сом суммасындагы чыгымдар каралган, мында, Камсыздандыруу корлорунун каражаттарын түзүү жана пайдалануу тартиби жөнүндө Жобо иштелип чыккан, бирок ушул кезге чейин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген эмес;

➢ 2020-жылга Бирдиктүү төлөөчү тутумундагы саламаттык сактоо уюмдарынын көрсөткөн медициналык кызматтарына төлөө боюнча эсептер үчүн колдонулган базалык ченемдердин бардыгы эле негизделген эсептөөлөргө ээ эмес;

➢ ММК Фонду камсыздандыруу төгүмдөрүнүн толук алынышына мониторинг жүргүзүү максатында, камсыздандырылган адамдарды каттоо маалыматтарына карата жетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес. Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн толук алынышын текшерүү максатында, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун ортосунда ММК боюнча камсыздандырылган адамдарын саны жөнүндө маалыматтар салыштырылбайт.

➢ "2020-жылга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгууда, "2020-жылга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна карата Эсептөө палатасынын корутундусундагы, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 90-беренесинин талаптары сактоо бөлүгүндө көрсөтүлгөн эскертүүлөр эске алынган эмес, анткени, Түшүндүрмө катта бюджеттин киреше бөлүгүн түзүү булактары боюнча пландуу көрсөткүчтөр аткарылган эмес жана ММК Фондунун бюджетинин чыгымдар бөлүгүнүн аткарылышына алардын таасири тийген учурда, тобокелдикти баалоого талдоо жүргүзүлбөйт.

ММК Фондунун бюджетин талаптагыдай жана сапаттуу түзүүнү жана аткарууну, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн толук келип түшүүсүн камсыздоо максатында, төмөндөгүлөр сунушталган:

➢ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ММК Фондунун бюджетинин долбоорун түзүү тартибин иштеп чыгуу жана бекитүү;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ММК Фонду тарабынан белгиленген тартипте иштелип чыккан, Камсыздандыруу корлорунун каражаттарын түзүү жана колдонуу тартибинин долбоорун бекитүү;

- Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун ортосунда ММК боюнча камсыздандырылган адамдарын санын салыштыруу боюнча иш-чараларды жүргүзүү;

- реалдуу керектөөнү эске алуу менен, бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооруган оорулуулар үчүн көрсөтүлгөн гемодиализ кызматы үчүн, 2020-жылга болжолдонгон сумманы кайрадан карап чыгуу;

- ММК Фондунун бюджетинин киреше бөлүгүн толуктоо максатында, кошумча киреше булактарын издөө боюнча ишти активдештирүү;

➢ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду болжолдуу көрсөткүчтөрдү көбөйтүү же азайтуу боюнча бардык негиздемелерди ачыктоо бөлүгүндө, "2020-жылга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна карата Түшүндүрмө катты жеткире иштеп чыксын.

### 4.3. Кыргыз Республикасында ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлор бөлүгүндөгү эл аралык келишимдерди жана макулдашууларды ратификациялоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзам долбоорлоруна карата корутундулар

Отчеттук жылы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан, эксперттик-аналитикалык иштердин жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 72-беренесине жана “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан берилген Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетин жана жергиликтүү өз алдынча башкарунун бюджеттерин козгогон маселелерге, төмөндөгү макулдашуулар долбоорлоруна корутундулар берилген, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан берилген төмөндөгү Мыйзам долбоорлоруна талдоо жүргүзүлгөн:

- **“2019-жылдын 1-ноябрында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Азия өнүктүрүү банкынын ортосундагы кредиттик макулдашуунун (“Үч-Коргон ГЭСин модернизациялоо” долбоору) жана Кыргыз Республикасы менен Азия өнүктүрүү банкынын ортосундагы гранттык макулдашуунун (“Үч-Коргон ГЭСин модернизациялоо” долбоору) долбоору**

Эсептөө палатасы “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 9-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитети тарабынан берилген жогоруда көрсөтүлгөн Кредиттик макулдашуунун материалдарын карап чыккан.

Берилген материалдарга ылайык, долбоордун суммасы 100,0 млн.АКШ доллары (анын ичинен: 60,0 млн.АКШ доллары – кредит, 40 млн.АКШ доллары – грант). Жеңилдетилген мезгил - 8 жыл. Пайыздык коюм -жеңилдетилген мезгил ичинде жылдык 1,0% жана кийинки жылдары жылдык 1,5%.

Долбоорду кароо жыйынтыгы боюнча, Эсептөө палатасы тарабынан төмөндөгүдөй чараларды көрүү боюнча сунуштар берилген:

- мамлекеттик карызды тейлөө боюнча  кошумча чыгымдарга алып келген кредеттер, ссудалар жана займдар боюнча карыздарды реструктуризациялоону алып салуу;

- күрөөлүк камсыздоосуз бюджеттик кредиттерди берүүгө мораторий киргизүү.

- **"Баткен жана Талас облустарын суу менен камсыз кылуу жана санитарияны жакшыртуу" долбооруна карата Кыргыз Республикасы менен Ислам өнүктүрүү банкынын ортосундагы кредиттик макулдашуунун долбоору**

- Эсептөө палатасы “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 9-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Суу ресурстары мамлекеттик агенттиги тарабынан берилген, "Марракеш шаарында 2019-жылдын 6-апрелинде кол коюлган

"Баткен жана Талас облустарын суу менен камсыз кылуу жана санитарияны жакшыртуу" долбооруна карата Кыргыз Республикасы менен Ислам өнүктүрүү банкынын ортосундагы кредиттик макулдашуунун долбоорун карап чыккан.

Берилген Кредиттик макулдашууга ылайык, көрсөтүлгөн долбоорду ишке ашыруу үчүн, 20 млн.АКШ доллары өлчөмүндөгү каражаттар Ислам өнүктүрүү банкы тарабынан берилет. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өз кезегинде, бул долбоорду 10 млн. АКШ доллары өлчөмүндө кошо каржылоону камсыздайт.

Долбоорду карап чыгуу жыйынтыгы боюнча, Эсептөө палатасы тарабынан төмөндөгүлөрдү карап чыгуу сунуштары берилген:

- финансы институттары тарабынан берилген каражаттар кредиттик болуп эсептелээрин жана бекитилген графикке ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан төлөнүүгө тийиш экендигин эске алуу менен, аларды пайдалануу зарылдыгы жок учурда, долбоордун компоненттерине каражаттарды бөлүштүрүүгө ылайык, күтүлбөгөн чыгымдарга коюлган каражаттарды натыйжалуу пайдалануу боюнча механизмдер;

- кредиттик макулдашуу күчүнө киргенге чейин жергиликтүү чөйрөдөгү жаратылыш факторлорун эске алуу менен, кредиттин керектүү суммасын жана долбоордун наркын аныктоо мүмкүнчүлүгүн;

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан ратификацияланган күндөн тартып макулдашуунун күчүнө кирүү мөөнөтүн.

## 5. Өз ара аракеттенишүү жана кызматташуу

### 5.1. Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, мамлекеттик органдар жана башка уюмдар менен өз ара аракеттенишүү



“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Эсептөө палатасы мамлекеттик аудиттин көз каранды эмес жогору турган органы болуп саналат, өз ишинде Кыргыз Республикасынын Президентине жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине отчет берет.

2019-жыл ичинде Эсептөө палатасынын дарегине Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынан жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен 231 суроо-талап, тапшырмалар, каттар жана башка документтер келип түшкөн.

Алсак, 2019-жылы Эсептөө палатасынын дарегине Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынан ар кандай маалыматтарды жана маалымдамаларды берүүгө карата 36 кат келип түшкөн. Ошондой эле, Эсептөө палатасы тарабынан

Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын дарегине жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча 54 отчет жөнөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен 195 кат келип түшкөн, анын ичинен, жүргүзүлгөн аудиттердин жыйнытыктары боюнча отчетторду жана маалыматтаржы берүү жөнүндө 29 суроо-талап, аудит жүргүзүү жөнүндө 16 тапшырмалар, отурмударга жана талкуулоолорго катышууга 118 чакыруулар жана башкалар - 32.

Мындан сырткары, Эсептөө палатасынын демилгеси менен, жыл ичинде, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин дарегине, Эсептөө палатасынын Кеңеши тарабынан кабыл алынган токтомдордун негизинде, жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө 57 отчет жана жүргүзүлгөн аудиттердин жыйнытыктары жөнүндө корутундулар жөнөтүлгөн. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңешине жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө 49 отчет жөнөтүлгөн.

## 5.2. Укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенишүү

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы туруктуу негизде укук коргоо органдары менен тыгыз өз ара аракеттенишет.

Укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенишүү, 2018-жылы Эсептөө палатасынын демилгеси менен, бардык тарап кол койгон, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экономикалык кылмыштуулук менен күрөшүү боюнча мамлекеттик кызматы менен өз ара аракеттенишүү жөнүндө Макулдашууга ылайык жүргүзүлөт.

2019-жыл ичинде укук коргоо органдарынан аудиттерди дайындоо жөнүндө **170 токтом жана суроо-талап келип түшкөн**, анын ичинен:

- Прокуратура органдарынан – 10; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик кызматынан – 45; Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинен – 68; Кыргыз Республикасынын Ички штер министрлигинен – 47.

Аудит жүргүзүүгө уруксат берүү боюнча коюлган маселелерди изилдөө жыйынтыгында, **91 токтомдон жана суроо-талаптан баш тартылган**, анын ичинен:

- Прокуратура органдарына – 1; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик кызматына – 28; Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине – 29; Кыргыз Республикасынын Ички штер министрлигине – 33.

Ал эми, **74 токтом жана суроо-талап аткарууга алынган**, анын ичинен:

- Прокуратура органдарынан – 9; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик кызматынан – 12; Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинен – 39; Кыргыз Республикасынын Ички штер министрлигинен – 14.

Аткарууга кабыл алынган токтомдордун жана суроо-талаптардын санынын ичинен 65 боюнча аудит аяктаган.

Ал эми калган 5 токтомдор жана суроо-талаптар кароо баскычында турат.

Эсептөө палатасынын демилгеси менен, тиешелүү кароо үчүн, укук коргоо органдарына бардыгы болуп 1,1 млрд.сомдон ашык аудиттин 55 материалы жөнөтүлгөн, анын ичинен:

- прокуратура органдарына - 1,1 млрд.сомго 36 материал;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик кызматына - 2,4 млн.сомго 5 материал;
- Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинен - 16,2 млн.сомго 13 материал;
- Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине – 1 материал.

Укук коргоо органдары тарабынан кароонун жыйынтыгы боюнча, 13 материал боюнча иштер Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестринде катталган, 14 материал сотко чейинки өндүрүштүн башка материалдарына тиркелген, 1 материал боюнча прокурорду көңүл буруу чыгарылган, калган материалдар укук коргоо органдары тарабынан кароо баскычында турат.

## 5.3. Эл аралык кызматташуу



INTOSAI

***Аудиттин жогорку органдарынын эл аралык уюмунун (INTOSAI), Аудиттин жогорку органдарынын Азиялык уюмунун (ASOSAI), Экономикалык кызматташуу өлкөлөрүнүн жогорку аудит органдарынын эл аралык уюмунун (ECOSAI) алкагында кызматташуу***

Отчеттук жылы Эсептөө палатасынын төрагасы “Мамлекеттик башкарууну өнүктүрүүдөгү маалыматтык технологиялар” жана “Улуттук артыкчылыктарга жана максаттарга жетүүдөгү аудиттин жогорку органдарынын ролу” темаларына арналган ИНТОСАИнин XXIII Конгрессине катышкан, ал Россиянын Москва шаарында өткөн.

Ошондой эле, 2019-жылдын октябрь айында Эсептөө палатасынын төрагасы Түркиянын Стамбул шаарында өткөн 8-Ассамблеяга жана ЭКОСАИнин 8-Симпозиумуна катышты.

Мындан тышкары, Эсептөө палатасынын өкүлдөрү ИНТОСАИнин Өнүгүү демилгеси тарабынан уюштурулган “Аудиттин жогорку органдарынын натыйжалуулугун баалоо тутуму” жана “Стратегиялык пландаштыруу, башкаруу жана отчеттуулук” программаларына катышкан. Программанын алкагында, төрт кызматкер Норвегиядагы Осло шаарында жана андан кийин Сербиянын Белград шаарында өткөн “Аудиттин жогорку органдарынын натыйжалуулугун баалоо тутумдары” темасына арналган семинарга катышышкан. Бул программага катышуунун жыйынтыгы боюнча отчет даярдалган, ал аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык, мандатты аткаруу мүмкүнчүлүгүн баалоону көрсөтөт.

***Шанхай Кызматташтык Уюмуна (ШКУ) мүчө мамлекеттердин аудиттин жогорку органдарынын (АЖО) кызматташтыгы***

Шанхай Кызматташтык Уюмуна мүчө мамлекеттердин аудиттин жогорку органдарынын кызматташуусунун алкагында, 2019-жылдын 26-27-февралында Бишкек шаарында “Натыйжалуулук аудитинин практикасын өткөрүү” семинары өткөрүлгөн.

2019-жылдын 9-сентябрынан 12-сентябрына чейин Нур-Султан шаарында (Казакстан) Эсептөө палатасынын бир кызматкери катышкан “Аудитордук тобокелдикти аныктоо маселелери” темасында семинар болуп өткөн.

2019-жылдын 28-сентябрынан 6-октябрына чейин, Кытайдын Пекин шаарында “Жакырчылыкты жоюуда АЖОнун ролу” темасында семинар болгон.

Ошондой эле, Иш-чаралар планына ылайык, 2019-жылы кызматташуунун алкагында, Кыргызстан, Кытай, Казакстан жана Пакистандын аудиттин жогорку органдары тарабынан социалдык коргоо жаатында бирдей натыйжалуулук аудитин жүргүзүү жөнүндө Макулдашууга кол коюлган. 2020-жылы бирдей натыйжалуулук аудитинин жыйынтыгын карап чыгуу үчүн, ШКУга мүчө мамлекеттердин АЖОнун өкүлдөрүнүн Биргелешкен отуруму өтөт. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин Республикалык протездик-ортопедиялык буюмдар мекемесинде натыйжалуулук аудитин жүргүзгөн.

***Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин (КМШ) мүчө мамлекеттеринин финансылык контролдоонун жогорку органдарынын (ФКЖО) жетекчилеринин Кеңешинин алкагында кызматташуу***

2019-жылдын апрелинде Эсептөө палатасынын өкүлү КМШга мүчө-мамлекеттердин ФКЖОсу үчүн, мамлекеттик финансылык контролдун стандарттарын иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун (мындан ары - Жумушчу топ) отурумуна катышкан, ал Беларусь Республикасынын Минск шаарында өткөрүлгөн.



Отурумдун алкагында, ошондой эле, ФКЖО стандарттарын иштеп чыгуу боюнча Жумушчу топтун жана негизги улуттук көрсөткүчтөрү боюнча Эксперттик топтун ишинин жыйынтыктары жана отчеттор, иштин уюштурулушуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө маселелер жана КМШнын ФКЖО Жетекчилер кеңешинин уставдык документтери жана башка маселелер каралган.

***ЕАЭБ алкагында кызматташуу***

2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык биримдиги жөнүндө келишимге ылайык, Жогорку Евразиялык экономикалык кеңеш тарабынан Евразия экономикалык биримдигинин органдарында тышкы аудит жөнүндө Жобо бекитилген (2015-жылдын 16-октябрындагы N33).

Эсептөө палатасынын кызматкерлери жыл сайын ЕАЭБ органдарында тышкы аудит жүргүзүүгө катышат. Отчеттук жылы, жогоруда көрсөтүлгөн контролдук иш-чаралар Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагалыгы астында жүргүзүлгөн.

***Эл аралык уюмдар менен кызматташуу***




Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы Европа Биримдигинин Кыргыз Республикасындагы Өкүлчүлүгү менен “Кыргызстанда социалдык коргоо секторун реформалоо боюнча келишимине техникалык жардам” долбоорунун алкагында кызматташат.

Эсептөө палатасынын өкүлдөрү Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы тарабынан уюштурулган, Европа жана Борбордук Азия үчүн мамлекеттик сатып алуулар саясаты боюнча аймактык иш-чараларына, сатып алуулар, тескөө жана ачыктык боюнча форумга (PRIMO) катышышкан (2019-жылдын апрелинде, Ташкент шаары, Өзбекстан).

Эсептөө палатасынын өкүлдөрү Азия Өнүктүрүү Банкы тарабынан Кытайдын Кунминг шаарында уюштурулган (2019-жылдын сентябрь айы) “Мыкты жыйынтыктарга жетишүү үчүн сапатты баалоо: жергиликтүү, улуттук, аймактык келечектер” 2019 - Азия баалоо жумалыгына катышышкан.

***Чет өлкөлөрдүн аудиттин жогорку органдары менен эки тараптуу кызматташуу***



2019-жылдын сентябрь айында Эсептөө палатасынын төрагасы жетектеген делегация Кытайдын Пекин шаарында жайгашкан, Кытай Эл Республикасынын Улуттук Аудит кеңсесинде иш сапарда болушкан. Иш сапардын жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасы У.А. Марипов жана Кытай Эл Республикасынын Башкы аудитору Ху Цзецзюнь менен жолугушуу өткөрүлгөн. Тараптар 2018-жылы кол коюлган, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жана Кытайдын Улуттук аудит кеңсесинин ортосундагы кызматташуу жөнүндө Макулдашуунун алкагында эки тараптуу кызматташтыкты өнүктүрүү жана бекемдөө маселелерин талкуулашкан. Аудитордук ишти пландаштыруу, аудиттин жыйынтыктары боюнча отчеттуулук, аудиттин эл аралык стандарттарын колдонуу, ошондой эле, аудитордук ишти автоматташтыруу жана санариптештирүү жана кенен маалыматтар менен иштөө, аудиттин сапатын контролдоо маселелери боюнча Кытайдын Жогорку аудит органынын тажрыйбасы изилденген.

Ошондой эле, 2019-жылдын апрель-май айларында Эсептөө палатасынын өкүлү Корея Республикасынын Сеул шаарында Корея Республикасынын аудит жана инспекция боюнча Кеңеши тарабынан уюштурулган “IT Аудит - АЖОнун мыкты тажрыйбалары менен алмашуу” темасында семинарга катышкан.

## 5.4. Коомчулук менен байланышуу

Коомчулукка маалымдоо Эсептөө палатасынын ишиндеги артыкчылыктуу багыттардын бири болуп эсептелет.

2019-жылы коомчулукка маалымдоо, Эсептөө палатасынын расмий веб-сайтына пресс-релиздерди жана билдирүүлөрдү, жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланган, Эсептөө палатасы аудиттин эл аралык стандарттарына жана санариптештирүүгө өтүү алкагында жүргүзүлгөн реформалар жана аудиттердин жыйынтыгы жөнүндө билдирүүлөрдү, макалаларды жана интервьюларды жайгаштыруу жолу менен жүзөгө ашырылган.

Коомчулук жана ММК менен байланышты, ошондой эле Эсептөө палатасынын ишинин ачыктыгын өркүндөтүү максатында, 2019-жылдын аягында Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасы У.А. Мариповдун




тапшырмасына ылайык, тиешелүү талаптарга жооп берген, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жаңы ПРЕСС-БОРБОРУ түзүлгөн.

Отчет берилүүчү жылга карата Эсептөө палатасынын иши жөнүндө 139 пресс-релиз даярдалган жана жарыяланган. Сайтка чыккан бардык билдирүүлөр алдыңкы маалымат агенттиктери жана жаңылыктар сайттары тарабынан кайра басылып чыккан. Жалпысынан, 2019-жылы республикалык массалык маалымдоо каражаттарында жогорудагы пресс-релиздердин, интервьюлардын жана парламенттин отурумдарында жана башка иш-чаралардагы жетекчиликтин сүйлөгөн сөздөрүнүн негизинде, Эсептөө палатасынын ишине байланыштуу 750 билдирүү жана макала жарыяланган.

Мындан тышкары, мезгил талабын эске алуу менен, жарандык коом менен өз ара аракеттешүүнүн жаңы форматы жайылтылууда. Эсептөө палатасынын Facebook жана Twitter, Youtube видеоблогундагы баракчасында актуалдуу жаңылыктар, ошондой эле, Эсептөө палатасынын коррупция менен күрөшүүгө арналган социалдык роликтери жеткиликтүү. Өткөн жылдын башында, роликтер ата мекендик телеканалдардын эфиринде кайрадан көрсөтүлгөн. Facebook тармагында аудиториянын камтуусу көбөйүүдө, социалдык тармактын колдонуучуларынын жеке кароолорунун саны 300дөн 2500гө чейин өзгөрүп турат.

Массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрү Эсептөө палатасынын иш-чараларына ар дайым тартылып турушат. Алсак, Эсептөө палатасынын демилгеси жана суроолор боюнча ар кандай маектер, актуалдуу темалар боюнча республикалык массалык маалымат каражаттарынын журналисттери менен жолугушуулар уюштурулган. Жалпысынан, жыл ичинде ММКнын редакцияларынан жана журналисттерден 45 суроо келип түшкөн, алардын бардыгы өз убагында иштелип чыккан.

Отчеттук мезгилде, ыңгайлуулук жана ыкчамдуулук үчүн, Эсептөө палатасынын веб-сайтына жүргүзүлгөн аудиттер жана башка ведомстволук иш-чаралар жөнүндө пресс-релиздер жайгаштырылган.

### 5.5. Жарандардын кайрылуулары менен иштөө

Отчеттук жылы жарандардан 64 кат жана электрондук кайрылуу келип түшкөн, алардын бардыгы контролго коюлган жана “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык каралган.

Эсептөө палатасынын дарегине республиканын бардык областтарынан жазышат. Арыздардын, кайрылуулардын жана сунуштардын көбү Бишкек шаарынын тургундарынан келип түшкөн.

Жарандардын арыздары менен иштөөнүн талдоосу көрсөткөндөй, Эсептөө палатасынын дарегине келип түшкөн кайрылуулардын жана арыздардын көпчүлүгүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын же мамлекеттик органдардын түздөн-түз компетенциясына кирген чечимдер, маселелер козголот.

Кайрылуулардын жалпы агымынан 3 негизги топту бөлүүгө болот:

1) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иши боюнча кайрылуулар;

2) мамлекеттик органдардын иши жөнүндө кайрылуулар;

3) - эмгек акы жөнүндө.

Келип түшкөн кайрылуулардын жалпы санынан, 22 кайрылуу же 34%, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жергиликтүү бюджеттин аткарылышына аудит жүргүзүү сурамы менен кайрылуулар түзөт.

## 6. Коррупцияга каршы иш-чаралар

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 2-февралындагы №26 Жарлыгы жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 12-ноябрындагы № 215 “Кыргыз Республикасынын Коррупцияга каршы мамлекеттик саясатын ишке ашыруу” Жарлыгы менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы саясатынын мамлекеттик стратегиясын ишке ашыруу максатында, Эсептөө палатасында жыл сайын коррупцияга каршы иш-чаралар планы кабыл алынат (мындан ары – План).

Эсептөө палатасынын төрагасынын 2019-жылдын 27-февралындагы №10-6/22 буйругу менен бекитилген, 2019-жылдагы планга ылайык, төмөндөгүдөй иш-чаралар жүргүзүлгөн.

Эсептөө палатасынын Коррупцияны алдын алуу боюнча комиссиясы тарабынан Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин 2016-жылдын 18-майындагы №281 буйругу менен бекитилген, Коррупциялык тобокелдиктерди аныктоо, баалоо жана башкаруу боюнча методикалык колдонмого ылайык, коррупциялык тобокелдиктердин тизмесин актуалдаштыруу боюнча иштер жүргүзүлгөн.

Коррупцияга каршы иш-чаралар алкагында Эсептөө палатасынын кызматкерлери менен төмөндөгүдөй темаларда: “Коррупцияга каршы саясаттын мамлекеттик стратегиясы” жана “Кызыкчылыктардын кагылышуусу” боюнча окутуу жүргүзүлгөн. Ошондой эле, төмөндөгүдөй эстеткичтер иштелип чыккан: Коррупцияга каршы күрөшүүнүн негизги маселелери боюнча Эсептөө палатасынын кызматкерлери үчүн эстеткич жана Кызыкчылыктардын кагылышуусунун типтүү жагдайларын камтыган, Эсептөө палатасынын кызматкерлерине эстеткич.

Ошону менен бирге, аудитти жүргүзүүнүн тартиби жана Эсептөө палатасынын “ишеним телефонунун” иштеши жөнүндө аудит объектилери менен маалыматтык-түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн. Мисалга алсак, Нарын, Ош жана Жалал-Абад шаарларында жайгашкан аудит объектилеринин жетекчилери жана жамааттары менен Эсептөө палатасынын өкүлдөрүнүн жолугушуулары өткөрүлгөн. Эсептөө палатасынын “ишеним телефондору” жана WhatsApp номерлери аудит объектилери жана жарандар менен кайрадан байланышты камсыздоо үчүн Эсептөө палатасынын сайтында жайгаштырылган. Ошондой эле, сайтта Эсептөө палатасынын “ишеним телефонун” иштөө тартиби жөнүндө эстеткич жарыяланган.

2019-жылдын биринчи жарымында КТРК жана ЭлТР каналдарында Эсептөө палатасынын коррупцияга каршы темалары боюнча социалдык роликтери көрсөтүлгөн. Ошондой эле, социалдык роликтер Эсептөө палатасынын расмий каналында Youtube видео блогунда жана социалдык тармактарында жарыяланган.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2017-жылдын 11-апрелиндеги №73 Жарлыгына ылайык, Эсептөө палатасынын төрагасы Коррупцияга каршы саясаттын мамлекеттик стратегиясын ишке ашырууну контролдоо боюнча Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңешинин Жумушчу тобунун жана Коррупцияга каршы аракеттенүү маселелери боюнча укук коргоо, фискалдык жана башка мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын координациялык кеңешмесинин курамына кирет. Ошентип, Эсептөө палатасы жогоруда аталган Жумушчу топтун ишине катышат, анын ичинде аудит объектилеринин ишин талдоо жана коррупциялык тобокелдиктерди аныктоо үчүн аудиттин жыйынтыктары жөнүндө маалымат берет.

Ошондой эле, Эсептөө палатасы Кыргыз Республикасынын укук коргоо, фискалдык жана башка мамлекеттик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын коррупцияга каршы аракеттенүү маселелери боюнча Координациялык кеңешмесинин курамына кирет.

## 7. Эсептөө палатасынын ишин уюштурууну камсыздоо

### 7.1. Методологиялык камсыздоо

2019-жылы Эсептөө палатасынын ишин методикалык жактан камсыз кылуу, биринчи кезекте, Эсептөө палатасынын ишин контролдоо, эксперттик-аналитикалык, маалыматтык жана башка иштин түрлөрүн сапаттуу жүргүзүүнүн иштиктүү механизмдерин өркүндөтүүгө, анын функциялары менен ыйгарым укуктарынын натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган. Көрсөтүлгөн иш-аракеттердин алкагында, Эсептөө палатасынын жаңы жана учурда колдонулуп жаткан методологиялык документтерин актуалдаштыруу ишке ашырылган, чет мамлекеттер жана алардын эл аралык бирикмелери менен мамлекеттик аудиттин жогорку органдары менен тышкы аудиттин методологиясы жаатында Эсептөө палатасы тарабынан кызматташтык активдүү өнүккөн, Эсептөө палатасынын аймактык бөлүнүштөрүнө методикалык жардам көрсөтүлгөн.

Отчеттук жылы Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин түзүлүшүн жана аткарылышын контролдоо тутумун өркүндөтүү максатында, Европа Биримдигинин тышкы жана жергиликтүү консультанттарын тартуу менен, аудит жүргүзүү боюнча төмөндөгүдөй методикалык сунуштар иштелип чыккан жана Эсептөө палатасынын Кеңешинин токтому менен бекитилген:

- Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышы;
- мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын кирешелерин администрлөө.

Аткаруу бийлик органдары, бюджеттик каражаттардын башкы администраторлору, бюджеттик каражаттардын администраторлору тарабынан ишке ашырылган, мамлекеттик сатып алууларды ишке ашыруу боюнча ченемдерди

тартипке салуу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүүгө байланыштуу жана сатып алуулардын натыйжаларын текшерүү жана талдоо боюнча функцияларды жүзөгө ашыруу үчүн, Эсептөө палатасынын методикалык базасын кеңейтүү максатында төмөнкү иш-чаралар жүргүзүлдү:

- Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын техникалык кызматташуу долбоорунун тышкы жана жергиликтүү консультанттарын тартуу менен, "Кыргыз Республикасы: электрондук мамлекеттик тендерлерине аудиттин жаңы (стандарттык) методологиясын иштеп чыгуу жана пилоттук түрдө жайылтуу. Методологияны пилоттук жайылтуу". Мамлекеттик сатып алуулар жана чек баракчаларына жүргүзүлгөн аудит боюнча өзгөртүлгөн Колдонмого комментарийлер берилген. Модулду иштеп чыгуучуларга аларды берүү менен, баалоо индикаторлоруна өзгөртүүлөр киргизилген;
- Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын долбоорун иштеп чыгуучулар менен видео конференция аркылуу мамлекеттик сатып алуулар порталында аналитикалык маалыматтарды пайдалануу боюнча Эсептөө палатасынын эсеп боюнча адистерине жана аудиторлордун референттерине жана электрондук мамлекеттик сатып алууларга аудит жүргүзүү үчүн маалыматтык-аналитикалык тутумду (IAS) колдонуу боюнча Эсептөө палатасынын 50 кызматкерине окутуу уюштурулган жана өткөрүлгөн;
- методологияны иштеп чыгуу жана жайылтуу процессин тездетүү максатында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Мамлекеттик сатып алуулар департаментинин жетекчилиги менен иштеп чыгуучулардын видео конференциясын өткөрүүгө көмөк көрсөтүлгөн.

Эсептөө палатасынын ишине карата ачык-айкындуулукту жана коомдун ишенимин жогорулатуу, ошондой эле Эсептөө палатасы тарабынан бюджеттик ачык-айкындуулук индексинде (Open Budget Index) Кыргыз Республикасынын позициясын жакшыртуу максатында, Ачык Өкмөттү түзүү боюнча Улуттук иш-аракеттер планынын алкагында, 2019-2020-жылдарга коомчулуктун катышуусу менен аудит тутумун жайылтуу боюнча иш-чаралар планы даярдалган жана Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2019-жылдын 17-январындагы №01-26/13 токтому менен бекитилген. Палатанын адистеринин, "Өнүгүү үчүн расмий жардам форуму" Коомдук Бирикменин өкүлдөрү жана коомчулуктун катышуусу менен, аудит тутумун жайылтуу боюнча техникалык жардам берүү үчүн, ага тартылган консультанттар жана жоопкерчиликтүү адамдар менен жолугушуулары болуп өттү. Жолугушуулардын жүрүшүндө Коомчулуктун катышуусу менен аудит жүргүзүү жөнүндө жобонун долбоору иштелип чыккан.

Аудит жүргүзүүдө методикалык жана консультациялык жардам көрсөтүү, аудитордук отчетторду даярдоо жана аудиттин жыйынтыгы боюнча сунуштар жана жазма буйруктарды аткаруу боюнча 2019-жылы Эсептөө палатасынын Эксперттик - методологиялык кеңешинин 4 отуруму өткөрүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана республиканын ички аудит кызматтарынын өкүлдөрү менен биргеликте, "Тышкы жана ички аудиттин өз ара аракеттенишүүсү маселелери боюнча аудит стандарттарын колдонуу боюнча методикалык сунуштар" аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык иштелип чыккан жана колдонууга бекитилген.

Отчеттук жылы, тышкы мамлекеттик аудитти жүргүзүүдө аныкталган, 2018-жылы иштелип чыккан Бузуулардын классификаторунун долбоорун практикалык апробациялоо жана жайылтуу мониторингинин жүрүшүндө, аныкталган бузууларды классификациялоо жана квалификациялоо маселелери дыкаттык менен иштелип чыккан. Ушул иштин жыйынтыгы боюнча көрсөтүлгөн Классификаторго, анын колдонулушуна зарыл болгон өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштар түзүлгөн, ошондой эле, 1С программасында Классификаторду автоматташтыруу боюнча иштер жана Эсептөө палатасынын адистерин окутуу жүргүзүлгөн. Эл аралык аудит стандарттарына жана жогорку аудит органдарынын алдыңкы тажрыйбаларынын негизинде, Эсептөө палатасынын кызматкерлери менен техникалык окуу тренингдери төмөндөгүлөр боюнча өткөрүлдү:

- аудитордук далилдер жана аудитти документтештирүү;
- чарба жүргүзүүчү субъектилердин финансылык отчеттуулугуна жүргүзүлгөн аудит боюнча Эсептөө палатасынын Колдонмосуна карата жумушчу документтеринин автоматташтырылган формалары менен иштөө;
- аудитордук текшерүүнүн сапатын контролдоону камсыз кылуу боюнча методикалык сунуштар;
- жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча Колдонмону пайдалануу.


Аудит тажрыйбасын жана пайдаланылган методологияны алмашуу алкагында, Россия Федерациясынын Эсептөө палатасы менен “Аудиттин сапатын контролдоо” темасында тажрыйба алмашуу семинарына катышуу кабыл алынган.

Аудиттин жогорку органдарынын эл аралык катышуучулар менен биргеликте, “Жогорку аудит органдарынын ишинин натыйжалуулугун баалоо” боюнча ИНТОСАИ методологиясын колдонуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын ишинин натыйжалуулугун баалоо боюнча отчету даярдалган.

Отчеттуулук жылы, республикалык, жергиликтүү бюджеттердин жыйынтыктарынын негизги параметрлеринин жана 2012-2018-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктарынын кыскача Маалымдамасын жаңыртуу жана басып чыгаруу боюнча иштер уюштурулган.

## 7.2. Кадрдык камсыздоо

2019-жылы Эсептөө палатасынын штаттык саны 206 бирдигин түзүп, анын ичинен, факты жүзүндө, мамлекеттик кызматчылардын 204 бирдиги өз ордунда иштеп турган.



Техникалык жана тейлөөчү персонал 80 бирдикти түзөт.

Эсептөө палатасынын курамы төмөндөгү маалыматтар менен берилет:


- **гендердик курамы боюнча:** мамлекеттик кызматчылардын 76,2 пайызын эркектер, 23,7 пайызын аялдар түзөт;

- **билим деңгээли боюнча:** баардык мамлекеттик кызматчылар жогорку билимге ээ, алардын ичинен 27,7 пайызы эки же андан ашык билимге ээ. 6 мамлекеттик кызматчы экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ;

- **адистиги боюнча:** экономика, бухгалтердик эсеп жана финансы - 81,2%, юридикалык - 5,4%, гуманитардык – 2,9%, жана башкалар – 10,4%;

- **улуту боюнча:** кыргыздар - 195, орустар - 3, өзбек -1, татар - 1, тажик – 1, уйгур – 1.

***7-диаграмма . Жашы боюнча мамлекеттик кызматчылар***




***1- сүрөт. Иш стажы боюнча мамлекеттик кызматчылар***



| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| ***1 жылдан кем эмес*** *2,5%* | ***1-5 жыл*** *6,9%* | ***6-15 жыл*** *26,7%* | ***16-25 жыл*** *39,6%* | ***26-30 жыл*** *9,4%* | ***30 жылдан жогору*** *14,8%* |

Отчёттук жылы Эсептөө палатасынын сегиз административдик мамлекеттик бош кызмат ордун ээлөө боюнча конкурс өткөрүлгөн, ага катышуу үчүн 60 арыз берилген.

Конкурстардын жыйынтыгы боюнча жети бош кызмат орду ээленген, Эсептөө палатасынын мамлекеттик кадр кызматынын ички резервине беш адам киргизилген.





Кызматкерлердин квалификациясын туруктуу жогорулатуу максатында, 2019-жылдын аягында Эсептөө палатасынын төрагасы У.А. Мариповдун тапшырмасы менен, тиешелүү окутуу-методикалык материалдар жана техникалык талаптар менен жабдылган ведомстволук Окутуу борбору түзүлгөн.

2019-жылдагы окуу планына ылайык, Эсептөө палатасынын кызматкерлери төмөндөгүдөй багыттар боюнча окушкан:

- Европа Биримдигинин “Кыргызстанда социалдык коргоо секторун реформалоо боюнча контрактты ишке ашырууга техникалык колдоо” долбоорунун колдоосу менен “Салыктар” жана “Укук” багыттары боюнча (бухгалтерлердин эл аралык кесиптик сертификациясы) CIPA программасы боюнча окутуу курстары - 40 кызматкер;

- Европа Биримдигинин долбоорунун колдоосу менен мамлекеттик карызга жүргүзүлгөн аудит - 20 кызматкер;

- товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алууларды тескөө - 3 кызматкер;

- мамлекеттик жана муниципалдык кызматтагы натыйжалуу коммуникация - 2 кызматкер;

-мамлекеттик программаларды жана долбоорлорду иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу - 1 кызматкер;

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу тутумундагы санариптик трансформациялоо - 3 кызматкер;

- мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишиндеги эл аралык кызматташуу - 1 кызматкер;

- Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын долбоорунун колдоосу менен BI модулун (мамлекеттик сатып алуулар) пайдалануу боюнча окутуу - 14 кызматкер;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу фонду тарабынан уюштурулган, өркүндөтүлгөн МАИС ЕРГИ негизги фонддорун кайрадан баалоону жана иштин натыйжаларын эсепке алууну жүргүзүү боюнча укуктук ченемдик актыларды иш жүзүндө колдонуу боюнча - 5 кызматкер;

- Эсептөө палатасы тарабынан уюштурулган жана өткөрүлгөн, эл аралык аудит стандарттары, Эсептөө палатасынын ички документтери жана Кыргыз

Республикасынын ченемдик укуктук актыларын киргизилген өзгөртүүлөр боюнча Эсептөө палатасынын кызматкерлери үчүн техникалык окуу – 168 кызматкер.

Мындан тышкары, Эсептөө палатасынын 19 кызматкери эл аралык окуу семинарларына катышкан:

- Таиланд Королдугунда “ISSAI 30 ишке ашыруу боюнча коррупция менен күрөшүүдө АЖО программасын талдоо боюнча IDI, Эл аралык стандарттары АЖО №30 - Этикалык кодекси”;
- Сербия Республикасында IDI ИНТОСАИ тарабынан уюштурулган, "Иштин натыйжалуулугун баалоо тутуму (SAI PMF) Стратегиялык пландаштыруу, башкаруу жана отчеттуулук";
- Казакстан Республикасында "Аудитордук тобокелдикти аныктоо маселелери";
- Түркия Республикасында "Этикалык аудитти жүргүзүү";
- Корея Республикасында "Аудит ИТ - АЖОнун мыкты тажрыйбаларын алмашуу";
-Австрия Республикасында "Карыздарды тескөөнүн натыйжалуулугун баалоо методологиясы";
- Норвегия Королдугунда " IDI ИНТОСАИ тарабынан уюштурулган, АЖОнун ишинин натыйжалуулугун баалоо методологиясы";
- Кытай Эл Республикасында жакырчылыкты жоюу боюнча АЖОнун ролу;
- Түркия Республикасында ISSAI Финансылык аудитин .

Бир кызматкер тандоодон өтүп, 2019-2021-жылдар мезгилинде Нанкин Аудит Университетине (Кытай Эл Республикасы) 2 жылдык окууга жөнөтүлгөн жана бир кызматкер аталган университетте окуусун аяктайт.




Белгилей кетсек, Эсептөө палатасынын кызматкерлери кесиптик иш-чараларга гана активдүү катышпастан, коомдук жашоого, ошондой эле, республиканын спорттук милдештерине да активдүү катышып турушат. Алсак, отчеттук жылы Эсептөө палатасынын курама командасы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жаштар, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттиги тарабынан уюштурулган "Тамекиси жок спорт" урааны менен, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын кызматкерлеринин спартакиадасында 42 министрлик менен ведомствонун ичинен 1-орунду ээлеген.

***Эсептөө палатасынын кызматкерлерин сыйлоо жана жаза чараларын колдонуу***

2019-жылы Эсептөө палатасынын 65 кызматкери ар кандай ведомстволук сыйлыктар менен сыйланган.Ошону менен бирге эле, 7 мамлекеттик кызматчыга “эскертүү” тартип жазасы колдонулган.

2019-жылга Эсептөө палатасынын мамлекеттик кызматчыларынын ишин баалоо жыйынтыгы боюнча, Эсептөө палатасынын мамлекеттик кызматчыларынын ишин баалоо комиссиясынын сунуштары менен, төмөндөгүдөй чечимдер кабыл алынган: борбордук аппарат боюнча 101 мамлекеттик кызматчы жана аймактык бөлүнүштөр боюнча - 76 мамлекеттик кызматчы ээлеген кызматына ылайык келээри; 8 мамлекеттик кызматчынын кызматынан жылдыруу; борбордук аппараттын 8 мамлекеттик кызматчысына жана аймактык бөлүнүштөрдүн 3 мамлекеттик кызматчысына кезектеги класстык ченди ыйгаруу жөнүндө; 19 мамлекеттик кызматчыны кадрлардын ички резервдерине киргизүү жөнүндө.

Мамлекеттик тилди андан ары жайылтуу жана өнүктүрүү боюнча иштер улантылууда, иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү жана коомдук иш-чараларды өткөрүү боюнча иштерге өзгөчө көңүл бурулат. Отчеттук жылы “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 30 жылдыгына карата, Эсептөө палатасында “Тилим - менин тирегим” аттуу видео роликтердин конкурсу болуп өттү, ошондой эле, кыргыз адабиятын окуу жана сөздүктөрдү, методикалык колдонмолорду кызматта колдонуу үчүн бурчтар уюштурулду, өлкөнүн белгилүү инсандарынын цитаталары, айткан сөздөрү жана макалдар жазылган плакаттар жайгаштырылды. Мындан тышкары, Эсептөө палатасынын ичинде “Сабаттуу жазуу” акциясы уюштурулду жана өткөрүлдү.

### 7.3. Эсептөө палатасынын ишин автоматташтыруу



Кыргыз Республикасынын Президентинин 2019-жылдын 11-январындагы ПЖ №1 “2019-жылды Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы деп жарыялоо жөнүндө” Жарлыгына ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 15-февралындагы №20-б буйругу менен бекитилген, "Санарип Кыргызстан 2019-2023" санариптик трансформациялоо концепциясын ишке ашыруу боюнча “Жол картасынын” милдеттерин аткаруу жана Эсептөө палатасында маалыматтык технологияларды өнүктүрүү максатында, Эсептөө палатасынын Кеңеши тарабынан 2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын маалыматтык-коммуникациялык технологиясын өнүктүрүү стратегиясы кабыл алынган.

Эсептөө палатасынын маалыматтык-коммуникациялык технологияларын өнүктүрүүнүн көрсөтүлгөн стратегиясы, мамлекеттик аудитти жаңы сапаттуу деңгээлде жүргүзүү боюнча Эсептөө палатасынын ишин маалыматтык камсыздандырууну санариптештирүүнү эске алуу менен, жаңы милдеттерди иштеп чыгуу үчүн, өнүгүүнүн артыкчылыктуу багыттарын, аудитти жана аналитикалык ишти колдоо үчүн, санариптик инфра түзүмдү түзүү өзгөчө белгиленген.

Аудитти жүргүзүүнү автоматташтыруу боюнча маанилүү иштер аткарылды, мисалы, шайкештик жана натыйжалуулук аудитинин электрондук жумушчу

формалары, ошондой эле кайрадан иштелип чыккан Каржы бузууларынын классификаторунун электрондук версиясы иштелип чыккан.

Электрондук мамлекеттик сатып алуулар порталынын маалыматтарын Эсептөө палатасы жүргүзгөн аудиттеринин алкагында колдонуу мүмкүнчүлүгүн камсыздоочу, Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын "Электрондук форматта жүргүзүлгөн мамлекеттик сатып алууларга жүргүзүлгөн аудит боюнча жаңы методологияны иштеп чыгуу жана пилоттоо - Электрондук форматта жүргүзүлгөн мамлекеттик сатып алуулардын аудити боюнча типтүү методологияны иштеп чыгуу" долбоорунун алкагында онлайн-аспап иштелип чыккан.

2019-жылы "Түндүк" ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенишүү тутумуна Эсептөө палатасын кошуу боюнча иштер жүргүзүлгөн, анын жардамы менен Эсептөө палатасы менен катышуучулардын өз ара аракеттенишүүсүнүн негизги максаты болуп, кезектеги финансылык жылда республикалык бюджеттин аткарылышын, кийинки аудитти жана башка аналитикалык иш-чараларды уюштурууга карата контролдоо жана аткарылышына ыкчам талдоо жүргүзүү алкагында, Эсептөө палатасы сураган маалыматты электрондук түрдө Катышуучу тарабынан берилиши эсептелет.

"Түндүк" СМЭВ жардамы аркылуу маалыматтарды алмашуу максатында, Эсептөө палатасы тарабынан Борбордук Казыналыгынан маалыматтар алынган. Маалыматтар андан ары тестирлөө үчүн Эсептөө палатасынын маалыматтар базасына жүктөлгөн. Иштин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, Эсептөө палатасы өз ишин аткаруу үчүн "Түндүк" СМЭВ жардамы аркылуу мамлекеттик органдардан ишенимдүү маалыматтарды алуу процессин изилдөөдө. 2019-жылы 1С маалымат базасын колдонуучулардын санын көбөйтүү үчүн 38 ноутбук сатылып алынган.

## 7.4. Каржы-чарбалык камсыздоо

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын каржылык иши Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине жана мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча укуктук ченемдик актыларына ылайык жүзөгө ашырылат.

***5-таблица. 2019-жылга чыгымдар сметасынын аткарылышы (млн.сомдо)***

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | 2019-жылга бекитилген смета | 2019-жылга такталган смета | Кассалык чыгымдар |
|---|---|---|---|
| Бюджет* | 231,6 | 231,6 | 228,1 |
| Фонд** | 23,1 | 23,1 | 22,8 |
| **Бардыгы:** | **254,7** | **254,7** | **250,9** |

** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын республикалык бюджеттен каржылоо;*

*** материалдык-техникалык базаны чыңдоо, кызматкерлердин жигерин жогорулатуу жана аудитордук иштин жогорку көрсөткүчтөрүнө түрткү берүү Фондунан каржылоо*

Аталган фонд Эсептөө палатасынын Борбордук аппаратынын жана аймактык бөлүнүштөрүнүн материалдык-техникалык базасын чыңдоо, кызматкерлеринин жигерин жогорулатуу жана аудитордук иштин жогорку көрсөткүчтөрүнө түрткү берүү максатында түзүлгөн.

Отчёттук мезгилде “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык, электрондук портал аркылуу товарларды, кызматтарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жүзөгө ашырылган. Бардыгы болуп, 65 конкурс өткөрүлгөн, анын ичинен, Борбордук аппаратта 22 жана аймактык бөлүнүштөрдө 43.

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 55-беренесине ылайык, Эсептөө палатасынын финансылык отчеттуулугуна кезектеги аудит 2020-жылы жүргүзүлөт (2017, 2018 жана 2019-жылдарга карата).

## Корутунду

Отчеттук мезгилде, Эсептөө палатасы, 2016 - 2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планында белгиленген максаттарга умтулуу жана жетүү менен өз ишин ишенимдүү жүргүзүп келет.

2020-жыл Эсептөө палатасы үчүн кийинки стратегиялык мезгилдин алдында турган милдеттердин жыйынтыгын чыгаруу жана жаңы иш-чараларды аныктоо жылы болот.

Албетте, бюджеттик процессти жана жалпы эле колдонуудагы мыйзамдарды, аудит объектисинин ишин жакшыртуу боюнча конкреттүү жазма буйруктарды жана сунуштарды иштеп чыгуу максатында, Эсептөө палатасы мамлекеттик бюджеттин аткарылышынын натыйжалуулугуна, бюджеттик каражаттарды натыйжасыз пайдалануунун себептерине комплекстүү талдоо жүргүзүүнү, аналитикалык жалпылоолорду камсыздоону улантат.

Эсептөө палатасынын алдында турган милдеттердин бир кыйла маанилүү аспектиси болуп, ошондой эле, аудитордук иштин бөлүгүндө аудиттин эл аралык стандарттарын жана дүйнөнүн алдыңкы практикаларын адаптациялоо, аудитти методологиялык жактан өркүндөтүү жана методикалык камсыздоо эсептелет.

Мамлекеттик аудитти жана аналитикалык иштерди жеринде жана, ошондой эле обочолонгон форматта жүргүзүүдө санариптик инфраструктураны кенен колдонуу жана өнүктүрүү, ошондой эле, Эсептөө палатасынын кызматкерлеринин компетенциясыяларына жана адистигине ылайык, үзгүлтүксүз окутуулар, жана аларды кесиптик жактан өнүктүрүү иштери улантылат.